

*Бул дүйнө бейиши*

# БАКТЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨ

**Осман Нури ТОПБАШ**

*Китеп акысыз таратылат*

Бул дүйнөнүн бейиши

# *БАКТЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨ*

Осман Нури Топбаш

Бишкек - 2018

Китеп Алла Тааланын ыраазычылыгы үчүн акысыз таратылат.

УДК 29
ББК 86,38
Т 58

**Которгон:** Атабек Галмаматов
**Автор:** ТОПБАШ Осман Нури

Т 58 Бактылуу Үй-бүлө / Котор. А. Галмаматов. -
Б.: 2018. 80 б.

ISBN 978-9967-9114-1-3

Бул китепте бактылуу үй-бүлө куруу үчүн керектүү болгон маалыматтар камтылган. Үй-бүлөнүн негизги максаттарын орундатуу үчүн керектүү тартип жана принциптер тууралуу маалымат берилип, бул принциптерге түшүндүрмө берүү үчүн түрдүү мисалдар келтирилген. Өзгөчө, алгач Мухаммед пайгамбардын турмушунан алынган үлгүлөр менен бирге ислам аалымдары жана олуялардын жашоосунан да мисалдар келтирилген.

Бул китеп Кыргызстан Мусулмандарынын дин
башкармасы тарабынан
тастыкталат. №099 01.11.2018 жыл.

Т 0403000000-18 УДК 29
ISBN 978-9967-9114-1-3 ББК 86,38
© Осман Нури ТОПБАШ, 2018

Нускасы: 1000 даана
Из-Басма басмаканасында басылды, Бишкек ш.,
Интергельпо, көч., 1а

МАЗМУНУ

Алгы сөз ........................................................................ 5

Исламда нике жана үй-бүлө ........................................................ 9

Үй-бүлөдө аялзатына тиешелүү маселелер ............................ 39

Үй-бүлөдө эркектерге тиешелүү болгон маселелер ............. 53

Үй-бүлөдө эркекке да аялга да бирдей тиешелүү болгон маселелер ........................................................................ 65

КОРУТУНДУ ........................................................................ 77

## Алгы сөз

Адам баласын эркек жана аялдан жаратып, аларды бакытка бөлөгөн махабат сезими аркылуу Өзүнө болгон сүйүү эшиктерин бизге ачкан Улуу Затка чексиз мактоолор болсун!

Жүрөктөрдү Жаратканды сүйүүгө даярдаган, бактылуу үй-бүлө куруунун эң мыкты үлгүсү болгон улуу жол башчыбыз Мухаммед Мустафага *(саллаллаху алейхи васаллам)* да чексиз салават жана салам айталы!

Ааламдагы бардык нерсе Алла Тааланын каалосу менен жаратылганы шексиз.

Аалам жаратылардан мурда Алла Таала "көмүскө казына" эле. Ал билинүүнү каалады жана бүткүл жандыкты жаратты. Адам баласын Өзүнө болгон сүйүүгө даярдоо үчүн ага сүйүү сезимдерин ыроолоду.

Өзүнө ашык болуунун баштапкы жана эң негизги тепкичи катары эркек менен аялдын ортосундагы махабатты пайда кылды. Ал эми бул махабатты никеге байлады жана үй-бүлө турмушун жубайлардын сүйүүсүнүн камкорчусу кылды.

Үй-бүлө – адамзат үчүн дененин да, ички дүйнөнүн да муктаждыгы. Ошондуктан үй-бүлө Алланы сүйүүгө даярдаган негизги тепкич жана адам тукумунун улануусун камсыз кылган бирден-бир себеп.

Мына ушундан улам Ислам үй-бүлө курууга дайыма басым жасап, үндөп келген. Үй-бүлө куруу, олуттуу себептерди эске албаганда, адам баласы үчүн негизги муктаждык жана Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сүннөтү.

Бирок үй-бүлөлүк жашоонун негизги максатына жетүү, аны бул дүйнөнүн бейишине айлантуу үчүн биз көңүл бура турган айрым маанилүү жагдайлар бар.

Канткенде Жаратканды сүйүүгө тепкич боло ала тургандай үй-бүлө куралат?

Эмнелерге көңүл бурсак үйүбүз тынчтыктын, бакыттын, тартиптин булагы болот?

Өмүрүңдүн аягына чейин үй-бүлөң менен биримдикте, тынчтыкта болуу үчүн кандай жашап өтүү керек?

Канткенде бул дүйнөдө табылган бакытты акыретте да уланта алабыз?

Сырдын баары мына ушул суроолордун жоопторунда катылуужатат. Бул суроолорго жооп издегендердин жашоо шарты, балким жашаган мезгили туура жоопту табууга тоскоол болушу мүмкүн. Ошондуктан Ислам дини адамдарды үй-бүлө курууда максат кылынган натыйжаларга жеткирген жолдорду, методдорду, мыйзамдарды жана өлчөмдөрдү эң мыкты даражада, ийне-жибине чейин тактап, белгилүү бир тартипке салып койгон. Ошону менен менен бирге бул тартипке көңүл бурулбаган учурларда кандай жагымсыз натыйжалардын келип чыгаары да белгилүү.

Алла Таала бактылуу үй-бүлө куруунун эң жогорку үлгүсү катары Мухаммед Мустафанын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* турмушун бизге көрсөтүп кеткен. Жашоосунда кыпынчалык да терс көрүнүш кездешпеген үлгүлүү Пайгамбарыбыз үй-бүлөлүк жашоосунда да тынчтыкты, тартипти жана кубанычты сактай алган. Демек, бактылуу үй-бүлө куруу үчүн анын шарапаттуу, ичи кубанычка бөлөнгөн үй-бүлөлүк жашоосунан өрнөк алышыбыз керек.

Антпесек, азыркы коомдо куттуу үй-бүлөлөрдүн саны азайып, элибиз оңбогон жакты карай барат.

Шарияттын негиздерине көңүл бурулбай курулган жаш үй-бүлөлөрдө майда-барат нерселер үчүн ажырашуулар катталып, анын зыяны тек гана өздөрүнө эмес, бала-чакасына жана алардын келечегине да терс таасирин тийгизип жаткан кез.

Ушул сыяктуу себептерге таянып жазылган колуңардагы чакан эмгек бул багытта жазылган көптөгөн эмгектердин катарын толуктап, коомчулуктун пайдасына гана кызмат кылат деген үмүттөбүз.

Ушундай аруу тилек менен даярдалган чакан эмгектин негизги темалары төмөнкүчө:

1. Исламда нике жана үй-бүлө,
2. Үй-бүлөдө аялзатына тиешелүү маселелер,
3. Үй-бүлөдө эркектерге тиешелүү маселелер,
4. Үй-бүлөдө экөөнө тең бирдей тиешеси болгон маселелер.

Жыйынтыктап айтсак, китептин өзү Ислам дининин принциптерине ылайык бактылуу үй-бүлө куруу үчүн керектүү болгон маалыматтардан турат. Үй-бүлөнүн негизги максаттарын орундатуу үчүн керектүү тартип жана принциптер тууралуу маалымат берилип, бул принциптерге түшүндүрмө берүү үчүн ар түрдүү мисалдар келтирилген. Өзгөчө, алгач Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* турмушунан алынган үлгүлөр менен бирге Ислам аалымдары жана олуя заттардын жашоосунан да мисалдар келтирилген. Окурмандардын ачык-айкын түшүнүүсү үчүн маселелерди талкуулоодо бир топ жеңил жана жөнөкөй мисалдар колдонулду.

Турмуш куруп жашап келгендер жана турмуш кура элек жаштар үчүн бул эмгектин пайдалуу болушун Жараткандан тилейбиз.

**Дүйнөнүн булуң-бурчтарында үй-бүлөлөр адеп-ахлак, махабат жана сүйүүдөн алыстап, ар тараптуу кыйроого учурап жаткан кезде Улуу Жараткан үй-бүлөбүзгө бекемдик, биримдик жана тынчтык насип кылсын! Үй-бүлөбүз тынчтыктын, бакыттын уясына, бул дүйнөнүн бейишине айлансын! Бул бейиштин эшиги Алланын жамалын көрүүгө, түбөлүк бейишке гана ачылсын!**

**Оомийн!**

# Исламда нике жана үй-бүлө

*Нике – пайгамбарлардын жолу, Азирети Мухаммеддин (саллаллаху алейхи ва саллам) сүннөтү, келечек муундун башаты, эркек менен аялдын кадыр-баркы жана адеби, ар-намыстын чеби, адамзатын башка заттардан айырмалаган өзгөчөлүгү.*

*Азыркы күндө үй-бүлө куруу маселесинде түрдүү талаш-тартыштар жаралып келет. Мисалы, адамзат үчүн үй-бүлө куруп жашоо шартпы? Ар ким өз жашоосун өзүнчө уланта берсе болбойбу?*

Жалгыздык бир гана Аллага таандык. Анткени ал – Улуу Жаратуучу. Бир жана жалгыз болуу ага гана таандык өзгөчөлүк. Ал өзүнөн башканы, макулуктун баарын жуп кылып жараткан. Жуп болуп жаратылган жандыктар дайыма бири-бирине муктаж болуп келишет. Тактап айтканда, ааламдагы бардык жаратылгандар миң түркүн нерсеге, бири-бирине жана эң негизгиси аларды жоктон бар кылган Алла Таалага муктаж.

Өзгөчө адам баласы башка бирөөгө, башка бир нерсеге муктаж болууда эң алдыда. Анткени, адам баласынын муктаждыктары башка жандыктарга салыштырмалуу алда канча көп болот. Адамзат материалдык жана руханий жактан кенен, жыргап жашагысы келгендиктен анын муктаждыктары бүтпөйт, тынымсыз көбөйүп турат. Түйшүк, жокчулук, кыйынчылык, азап жана кырсык сыяктуу абалдар адамга оор келет. Адам баласы мындай кездерде ага кол сунган, көңүлүн көтөргөн бирөөгө муктаж болот.

Ошондуктан адамга "жакын болуу, достук" деген маанини туюнткан "أنس" сөзүнөн келип чыккан "инсан" деген ысым берилген. Ушунун өзү эле адам баласынын башка жандыктар менен, өзгөчө өзү сыяктуу адамдар менен бирге жашоого муктаж экендигин көрсөтүп турат. Башкалардан өзгөчөлөнүп, адам үчүн эң биринчи муктаждык – бул бирге жашоо.

Бул чындыкты аял менен эркектин байланышы ачык-айкын түшүндүрүп турат. Мындай тыгыз байланыш кийинки муундун уланып кетүүсү үчүн эң зарылы, негизги шарты деп айтса да болчудай.

Бул зарылдык башка жандыктарда эркек-ургаачы, ал эми жансыз заттардын химиялык түзүлүштөрүндө (+) жана (-) болуп өзүн көрсөтүп турат. Бул тууралуу Ыйык Куран аяттарынын бир канча жеринде айтылган:

**"Бардык нерселерди Биз жуп кылып жараттык. Мүмкүн силер эскертүү (насаат) аларсыңар"** (Заарийат, 49)

**"Алар өздөрүнүн, жер өстүргөн нерселердин жана алар билбеген нерселердин бардыгын жуп кылып жаратканга аруулук!"** (Ясин, 36)

**"Силерди жуп кылып жараттык"** (Набаа, 8)

Жогорку аяттарда баяндалган "жуп кылып жараттык" деген бир жандыктан экини эмес, бардык жандыктардын эркек-ургаачы же (+) жана (-) болуп жаратылгандыгын түшүндүрөт. Эгерде бир жандыктан сан жагынан алып караганда экиден жаратты дей турган болсок, анда аятта айтылган жуптардын бири максатсыз жаратылган болуп калат. Ал эми мындай көрүнүш Алла Тааланын "мутаъаал" (эң жогорку сыпаттардын ээси) сыпатына каршы келет. Кыскача айтканда, Алла Таала жуп кылып жаратты, бирок бири-бирине толук окшошкон эч бир эгизди жаратпады. Бир жумуртка клеткадан жаралган эгиздердин да ички дүйнөсүнөн манжаларынын учуна, жада калса көздөрүнүн карегине чейин биринен экинчисин айырмалап турган өтө көп нерсе бар.

Натыйжада Алла Таала жандыктардын баарын жуп кылып жаратты жана алардын өз ара жакындашуусу, мамиле куруусу үчүн аларга сезимдерди багыштады. Алла Таала алардын материалдык жана руханий жактан өсүп-жетилүүсүн, бири-бири менен тыгыз байланышына байлап койгон.

Аял менен эркектин бири-бирине болгон муктаждыгынын түпкүрүндө кийинки муунду улантуу жатат. Албетте, турмуш куруудагы жалгыз максат бул эмес. Түптөлгөн бул уянын ар бир мүчөсүнүн ички жана сырткы дүйнөсүнүн тынчтыгы, бактылуулугу алардын бул дүйнөдөгү негизги максаты жана муктаждыктарынын бири болуп саналат. Мындай руханий бакыт, тынчтык жана тартиптин туу чокусуна жетүү **"мухаббатуллах"** менен, Алла Таалага болгон сүйүүсү менен гана ишке ашат. Биз муну Лейладан (жарга болгон сүйүүдөн) Мавлага (Жаратканды сүйүүгө) карай багыт алуу деп айтабыз.

Тактап айтканда, Алла Тааланы сүйүүдөн мурда жарды сүйө билүү керек. Анткени, мухаббатуллахтын алгачкы кадамы аял менен эркектин бири-бирин сүйүүсүнөн башталат Бул сүйүү напсинин каалоосу менен башталган болсо да, алгачкы кадам ташталмайын чыныгы ашыгылыкка айланбайт.

Тартуу күчүнүн борбору аталган жүрөктөрүбүз бири-бирине бекем байлаган жубайлардын сүйүүсү аркылуу мухаббатуллахка даярдык көрөт. Акырындык менен Алла Тааланы сүйө ала турган калыпка түшөт. Үй-бүлөнүн куту, ата-эненин эрмегине айланган наристенин келүүсү менен жүрөктөгү сүйүү сезими дагы да бышып жетилет.

Жүрөгүбүздү мухаббатуллах менен курчоо үчүн үй-бүлө курууда теңирий буйруктардын четине чыкпашыбыз керек. Бир гана напсинин каалоосуна таянып негизделген үй-бүлөлөр көбүнесе махабаттын даамын татпай келишет Ошондуктан мындай үй-бүлөлөрдө руханий жактан жетилүү жана жүрөктүн мухаббатуллахка даярдыгы сыяктуу күтүлгөн натыйжа алынбай калат. Анткени, мындай үй-бүлөлөрдө напсинин арзуулары баарынан мурда келет. Ошол арзуулардын кулуна айланышат. Мындай адамдардын руханиятынын өнүгүүсү бери турсун, ички дүйнөсү тарайып, чөгө баштайт.

Ар тараптуу өнүгүүгө жана руханий жактан көтөрүлүүгө, тагыраак айтканда турмуш куруу менен динин толуктагандар эң идеалдуу өрнөк болууга татыктуу. Кандайдыр бир нерсеге толук ээ болуу мүмкүн болбосо да, ээлик кыла ала турган бөлүгүн таштап койбогон сыяктуу, ар бир адам мүмкүнчүлүгүнө жараша асыл сапаттарга ээ болууга аракет кылуусу керек. Ошондо гана үй-бүлөдө тынчтыкка жана бактылуулукка жетүү үчүн мүмкүнчүлүк туулат.

Мухаббатуллахка татыктуу болуу үчүн жалгыз себеп жогоруда да айтылгандай, аял менен эркектин гана ортосундагы байланыш эмес. Анын өзү жетишсиз. Анда, жалгыз бой жашагандар бул багытта, руханий байлыкты табууда бир натыйжага бара алышмак эмес. Ошондой эле жалгыз жашап өткөндөрдүн арасында Курандын мактоосуна

татыган Азирети Мариям[1] жана Азирети Иса (алейхиссалам) сыяктуу көптөгөн улуу инсандар өткөн. Бул жагдай эч бир жандыктын табиятынын бирдей жаратылбагандыгын жана анын чөйрөсүнөн келген таасирдин да бирдей эместигин көрсөтүп турат. Тагыраак айтканда, тагдыр маселесинин алкагында алып карай турган болсок, бул сыноо ааламында теңирий буйрук жана насип жолу кээ бир адам баласы үчүн бул дүйнөдө жабык болсо, кээ бирөөсү үчүн үй-бүлө куруусуна тоскоолдуктар жаратылган. А кимдир бирөө үчүн үй-бүлөлүк жашоо азапка айланган. Эгерде сабыр кылышса, Алла Таала мындай абалга дуушар болгон кулдарына айрым жөндөмдөрдү ыйгарат жана алар жөндөмдөрүнүн жардамы менен үй-бүлөдөн күтүлгөн пайдаларга, жада калса андан да көбүнө ээ болушат. Чындыгында жалгыз бой жашап өткөн айрым адамдар жан-жаныбарга, табиятка көрсөткөн ырайымы, сүйүүсү аркылуу ички дүйнөсүн тартипке салып, руханий даражасын көтөрүп өз максатына жеткен болсо, кээ бирөөсү ар кандай кырсык-кыйынчылыкты, сыноолорду жана балээлерди ашып, аларга сабыр кылуу менен улуулук даражаларын бирме-бир

---

[1] Азирети Мариямдын ысмы Ыйык Куранда 34 жолу, Иса ибни Мариям деген аталыш менен 23 жолу өтөт. Айрыкча Курандын 19-сүрөсү "Мариям" деп аталат. Ал Куранда аты менен айтылган жалгыз аял болуп саналат. Ушул маселеге байланыштуу тафсирчилердин айтканы бар:

а) Ошол доордо кордолгон аялзатынын даражасы Мариям энебиз аркылуу көтөрүлгөн.

б) "Улул- азм" пайгамбарларынын биринин тегинин энесине таяндырылышы, энелик милдеттин улуулугуна ишарат болгон.

в) Азирети Мариям энебиздин ар-намыстуулугуна көңүлдү буруу менен намысты коргоонун канчалык маанилүү экендигине басым жасалган.

г) Азирети Мариям өрнөк көрсөтүлүп, аны менен пакиза аялдын намыстуу, оор басырыктуу, сабырдуу, чыдамдуу, Аллага гана моюн сунуу жана таваккул менен жашоосу сыяктуу негизги өзгөчөлүктөрү Улуу Жараткандын алдында кадыр баркка жеткирээрин көрсөткөн.

басып өткөн. Мисалга ала турган болсок, алтын доордо жашап өткөн, үйлөнүүгө мүмкүнчүлүгү болбогон Суффа өкүлдөрү (Асхабу суффа) илим алуу жана динге кызмат кылуу менен ички дүйнөсүн тарбиялашкан. Албетте, булар башкалардан айырмаланып турган өзгөчө абалдар. Ал эми жалпыга маалым, эң биринчи жана негизги чындык – бул сөссүз түрдө никелешип бактылуу үй-бүлө куруу.

Махабат жана сүйүүдөн куру калган жүрөк узак убакытка эгин эгилбей бош жаткан талаа сыяктуу. Бул талааны жашылдандыруу, көрктөндүрүү аял менен эркектин колунда, экөөнүн мамиле-алакасында. Албетте, бул нерсе напсинин арзууларынан кутулуу менен гана ишке ашат. Эң негизгиси, ортодогу бул мамиленин максаты Жаратканды сүйүүнү гана көздөшү керек Анткени, аял менен эркектин ортосундагы махабат Жаратканга болгон сүйүүнү көздөө менен гана ошол даражага жете алат. Эгерде ушул учурда аларга наристе буюрулган болсо, бул мухаббатуллахтын экинчи даражасын пайда кылат. Андан соң дос-тааныш, устат жана башкалар... Жүрөк бирме-бир, тепкич-тепкич кадам таштап отуруп эң улуу максатка, мухаббатуллахка жетишет, аны менен бир болот жана Жараткандын жактырган бактылуу кулдарынын катарын толуктайт. Мына ушул натыйжа – адам баласынын бул ааламга келүүдөгү негизги максаты.

Кыскача айта турган болсок, аял менен эркектин бирге болуусу үй-бүлөнү пайда кылат. Ал эми үй-бүлө ушул айтылган максаттын орундалышы үчүн бизге көрсөтүлгөн акыйкат жана муктаждык. Максат ишке ашкан сайын үй-бүлө өзүнөн өзү бутактап, өнүп-өсөт. Даамдуу мөмө тартуулайт. Коомчулук

эңсеп күткөн тынчтык, тартип жана тарбия бул мөмөлөрдүн бир канчасы гана.

Коомдо маданияттын өнүгүшү, үй-бүлөгө бакыттын келиши үчүн ошол үй-бүлөнү шариятка ылайык негиздөө – өтө маанилүү маселе. Ошондуктан баш кошуп жаткан аял менен эркек Алланын атын айтып бири-бирине ант беришет. Бул ант берүү экөөнүн ортосундагы махабатты бекемдөөнүн алгачкы кадамы. Албетте, ант берүү менен гана чектелип калбай бири-бирине карата сый-урмат, ишеним жана жылуу мамиледе болуусу алардын махабатын дагы да бекемдейт.

*Ислам үй-бүлө жөнүндө эмне дейт?*

Жогоруда да айтылып өткөн сыңары, Ислам үй-бүлө куруууга өтө маани берет. Исламдын көз карашында үй-бүлөлөр коомду пайда кылган үрөн. Муну тарых өзү тастыктап турат. Башталышы жакшы башталып, пайдубалы бекемделген үй-бүлөлөр коомду алдыга сүрөп, өнүктүрүп жатса, бири-бирине каршы турган, адилеттүүлүккө маани бербей курулган негизсиз үй-бүлөлөр ошол эле коомду артка сүрөп, аны кыйратуу менен алек.

Демек, Ислам дини өзүнүн тартип жана мыйзамдарынын негизинде бактылуу жана адилеттүүлүктү сактаган үй-бүлөнү негиздегенге чакырат. Үй-бүлө курууга үндөөдө негизги максаты тынчтык жана бакыт. *"Адамдын бейиши – анын үйү"* деп бекеринен айтылбаган.

Жаратканды сүйүү максаты менен негизделген үй-бүлөнү бул дүйнөнүн бейиши десек жаңылышпайбыз. Мындай аң-сезимдин

калыптанышы, албетте шарият көрсөткөн жолдор менен гана ишке ашкандыктан ислам нике кыйуу аркылуу бул ишти баштаган. Тактап айтканда, эки тараптын тең Алла жолунда бир болууга бири бирине убада берүүсү шарт. *"Үй-бүлөдөгү бакыттын сыры никеде"* деген сөз бекеринен айтылбаса керек. Никенин маани-маңызы жана пайдалары мына ушул сөздүн ичинде камтылган. Ар бир кылынган амалдын баркы ниетибизге жараша болот.

Демек, мына ушундай улуу максатты көздөп, аруу ниет менен кыйылган никеден сырткаркы аял менен эркектин ортосундагы мамилелер аягы барып чырга такалат, өзүнөн өзү кыйрайт. Анткени мындай нерсенин өзү адамдын табиятына терс. Ошондуктан шарияттын негизинде кыйылбаган никелерге Ислам жол бербейт жана мындайды чоң күнөө катары эсептеп, катуу тыюу салат.

*Нике өтө маанилүү маселе болгондуктан ал тууралуу дагы да тереңирээк ачыктап бере аласызбы?*

Нике – бул пайгамбарлар улантып келген жол, Азирети Мухаммеддин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* сүннөтү, кийинки муундун алгачкы кадамы, эркек менен аялдын ар-намысы, адеби жана адам баласын айбанаттан айырмалап турган Алла Тааланын белеги.

Никеде эки эркек күбөнүн талап кылынышы баш кошкондордун коомго бирге, бир үй-бүлө катары аралашуусун жарыя кылуу үчүн. Алардын бирге жашоосу коомчулук тарабынан билиниши керек. Ар бир ниет үчүн күбө келтирүү шарт эмес, бирок турмуш куруада күбө келтирүү

коомчулукка алардын үй-бүлө кургандыгын жарыялоодо негизги ролду ойнойт. Себеби, жалгыз бой жаш эркек же кызга ар дайым турмуш куруу максатында талап түшүшү мүмкүн. Нике аркылуу алардын баш кошкондугун жарыя кылуу менен бул талаптарды токтотууга жана алардын жаңы жашоо, жаңы үй-бүлө куруп жашап башташканын көрсөтүүгө болот. Ушул себептерден улам алардын баш кошуусун элге жарыя кылууда эки күбөнүн катышуусу менен гана чектелбестен, учурда өткөрүлүп жаткан, элибизге кеңири тараган той аркылуу бүткүл коом, тууган-урук, колу-коңшунун баары күбө болуп келишет. Ал эми той өткөрүү, жаңы үй-бүлө куруунун кубанычын тең бөлүшүү максатында уюштурулат.

Натыйжада нике Алла Таала тарабынан адам баласынын табиятына ылайык берилген улуу белек жана анын буйругу. Ушул себептен улам нике Исламдын назарында кийинки муунду өстүрүүдө, уул-кызга тарбия берүүдө, үй-бүлөнү коргоодо, адамдык сапаттарын сактап калууда эң негизги принциптердин башаты.

Ислам дининин зына сыяктуу жийиркеничтүү иштерди чоң күнөөлөрдүн катарына кошуп, ага тыюу салуусун никенин маанилүүлүгүнө негиз катары көрсөтсөк болот. Анткени зына эң жийиркеничтүү күнөө жана ал никенин улуулугуна, адалдыгына шек келтирген, келечек муунду жок кылууга жол ачкан арам иш. Алла Тааланын пендеси үчүн берген белеги жана бакыттын башаты болгон никени зынага алмаштыруудан өткөн акмакчылык, түркөйлүк болбосо керек.

Улутту улут кылган, аны тирүү кармап турган негизги нерсе анын диний жана ахлактык абалы экенин унутпайлы. Ал эми элдин ахлагын түзөө

жана аны коргоодо никенин таасири чоң. Ошондуктан Расулуллах *(саллаллаху алейхи ва саллам)* никени, үйлөнүүнү жеңилдетүүнү сунуштап мындай деген: *“Эң жакшы нике – кыйынчылыксыз, түйшүксүз нике”* (Абу Дауд, Никах, 32).

Демек, никени азапка айлантккан, эки тарапты тең түйшүккө салган ашка жүк башка жүк ырымдар жана салт-санаалардын баары Исламдагы нике түшүнүгүнө жат көрүнүш.

Алла Таала өз пендесин таза, намыстуу жана бактылуу жашап өтүшүн каалайт. Таза, намысына бекем туруп жашоо үчүн үй-бүлө куруу эң жакшы жол. Коомчулукта үйлөнүүгө күчү жеткендердин үйлөнүүсү, ал эми күчү жетпегендердин үйлөндүрүлүүсү мусулмандардын диний вазыйпасы.Бул тууралуу Ыйык Куранда мындайча айтылган:

**“Араңардагы бойдокторду, кол алдыңардагы кул-күңдөрдүн такыбаларын, дурустарын үйлөндүргүлө. Алтургай алар кедей-жакыр болсо да. (Анткени) аларды Аллах Өз берешендиги менен байытат. Аллах-Берешен, Билүүчү!”** (Нур, 32)

Осмон мамлекети өкүм сүрүп турган учурда колунда жокторду үйлөндүрүүчү атайын фонддор иштеп турган. Себеби, ал мамлекетте коомдун тынч, бакубат жашоосу жана адеп-ахлагы, ар бир жарандын намыстуу жана бактылуу жашоосуна байланыштуу деп эсептелген.

Мухйиддин ибн ал-Арабинин никелешип турмуш курууга үндөө жана үйлөнгөндөргө жардам берүүнүн пазилети тууралуу мынтип айткан кеби бар:

*“Эң жакшы садага жария (сообу токтобой келип турган кайрымдуулук) – бул үйлөндүрүүгө себепчи болуу. Анткени алардан тараган муундун кылган жакшылыктарынан да себепчи болгонго бир сооп бар.”*

Адам ата менен Обо энебиздин бейиште башталган үй-бүлөлүк жашоосу Жараткандын буйругу менен Ислам дини аркылуу укумдан-тукумга уланып келет. Ислам дининин мыйзамдары үй-бүлөгө бакыттын, тынчтыктын жана ырайымдуулуктун келүүсүн гана каалайт. Бирок, мындай бакытка жетүү үчүн нике кыйып үйлөнүп, Адам ата менен Обо энебиздей болуп Алла жолунда аны сүйүүгө, такыба болууга умтулуу, жада калса, бир жан, бир жүрөк болуп согуу керек.

Нике аркылуу жат, бири-бирин таанybаган эки адамдын таң калтыргыдай жуурулушуп кетүүсүндө көптөгөн сабак алчу хикматтар сакталган. Ата-эненин колунан ажыраган эки жаштын Жараткан ыйгарган махабат аркылуу бирин-бири сүйүп, жылуу мамиле куруп жана ата-эненин мээримин, учуп чыккан өз уясын унутта калтыргыдай жаңы жашоого кадам таштоосунда адам баласын ойго чөмүлткөн сырлар жатат. Бул маселе өтө терең ой жүгүртүүнү, түшүнүүнү талап кылган хикматтарга бай...

Адамзаттын аруу табиятына ылайыктуу жашоону сунуштаган Ислам аялзатын барктай билген жана баркталбай калган учурда кандай апаат-кырсыктарга жол ачаарын да белгилей кеткен. Аялзаты бактылуу үй-бүлөнүн төрүндө илинип турган эң баалуу шам-чырак. Никенин керемети менен коомго жарык чачып турат. Үй-бүлөнүн ар намысын коргойт. Сырттан келген күнөөлөргө

карата үй-бүлөнүн калканы. Ал мына ушул милдеттерин аткарбаса келечек муун кароосуз калып, адам баласы чоң жоготууга учурайт. Эгерде келечек муун кароосуз калып, тааалим-тарбиядан алыс кала турган болсо, анда коом да кыйроого учурайт. Натыйжада бузукулук көбөйүп, мээримдүүлүк, ырайымдуулук сыяктуу адамдык сезимдер жоголот. Бул натыйжа бир коомдун жоголуу же кыйроо коркунучу алдында экендигин ачык көрсөтүп турат.

Аялзатынын бактылуулугу, өз милдеттерине ылайык жашоосу менен мүмкүн. Ага карабай өз милдетинен сыртка чыга турган болсо, үй-бүлөсүнүн ынтымагын бузуп алышы ыктымал. Аялзатынын сырткы жашоого аралашуусу зарыл себептерге байланыштуу жана табиятына ылайык келген жумуштарда гана иштеши керек. Ал эми зарыл себептер обьективдүү көз караш менен такталышы абзел. Тагыраак айтканда, коомдун муктаждыктарына жараша, аялзатынын табиятына ылайык шарттар каралып, чектен чыкпоого аракет жасалышы зарыл. Аягы амандыкка алып барбаган кээ бир болбогон нерселер үчүн чектен чыгуу менен өзүбүздү гана алдайбыз. Нечендеген эже-карындаштарыбыз бул тунгуюкка чөгүп, өздүгүн жоготуп келишет. Жамандыктын үстүнө жабылган жалтыракa алданган канчалаган көздөр Жаратkaндын чындыктарына көзүн жумуп, өз бактысына балта чаап келишет.

Исламда аялзаты жарык жашоонун булагы болуп эсептелет. Аялзатынын адеп-ахлагы, кадыр-баркы, жашоодогу орду никенин таасири менен дагы да артат. Никенин негизинде курулган үй бүлөдөн улам аялзаты жаңы жашоого баштайт. Балким, мурда эч көрбөгөн, тааныпбаган жолдошу

менен жана анын үй-бүлөсү менен бирге жашайт. Ошентсе да Жараткандын тартуу кылган белегинин сырдуу таасири менен мурда бири-бирин көрбөгөн жубайлар бул дүйнөдөгү эң жакын адамдардай болуп жашоосун улантышат. Алар түптөгөн үй-бүлө көбүнесе, ата-энени унутта калтыргыдай бактылуу уяга айланып келет. Бул туурасында Улуу Жараткан мындай деп айткан:

**“Ага байыр алууңар үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып, ортоңорго махабат жана мээримдүүлүк берип койгону да – Анын белгилеринен. Чындыгында, ой жүгүрткөн эл үчүн ушуларда белгилер бар.”** (Рум, 21).

Демек, үй-бүлөнү бекемдеп турган жалгыз нерсе, жубайлардын ортосундагы махабат, жакындык жана мээрим.

*Бардык эле үй-бүлөдө мындай бакытты табуу кыйын. Демек, бул бакытка жетүү да Жараткандын өзгөчө чоң белеги болсо керек. Буга жетүү үчүн эмнелерге көңүл бурушубуз зарыл?*

Эң негизгиси, бактылуу үй-бүлө куруу үчүн жубай тандоодо Ислам дини койгон эреже-шарттарга көңүл буруу керек. Үйлөнө турган жубайлар түгөйүн тандоодо напсинин каалоосуна баш ийип сулуулук, байлык сыяктуу убактылуу себептерге байланып калбоосу кажет. Эң туурасы – жубай тандоодо анын ыйманына, жүрүм-турумуна жана адеп-ахлагына көбүрөөк көңүл буруу. Бул тууралуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай деп айткан:

*“Негизи жубай тандоодо төрт нерсеге көңүл бурулат. Мал-мүлкү, сулуулугу, ата-теги жана диндарлыгы. Ал эми силер диндар болгонун тандагыла. Ошондо турмушуңарда береке болот!..”* (Бухари, Никах, VI. 123; Муслим, Радаъ, 53)

Жогоруда айтылган хадисте үйлөнүүгө даяр, эрезеге жеткен аялзатынын сыпаттары баяндалган, ошол эле учурда булар эркектерге да тиешелүү. Момун-мусулман адам үчүн такыба болуудан кийинки эң барктуусу – амал-и салих/жакшы амалдын ээси менен үйлөнүү. **Салих эркек тынчтык сарайынын бекем тиреги болсо, салиха айым бакыт бакчасын көркkө бөлөгөн жыпар жыттуу, көркөм түстүү гүл.** Бул чындык тууралуу хадисте мындай баяндалат:

“*Адамдын улуулугу анын growdininde, жакшылыгы жана урматы акыл-эсинде, урук-тукумунун тазалыгы (нике менен корголгон) адеп-ахлагында жашырылган.”* (Даарақутни, III, 303; Байхаки, Шуъаб, IV, 160)

Айта кетчү дагы бир нерсе, эки үй-бүлөнүн жашоо шарты, теңдиги. Теңдик кандай аныкталышы керек? Үй-бүлөлөрдүн байлыгы, каада-салты сыяктуу жана башка маселелерде айырмаларга көңүл буруу шарт. Ал эми калган маселелер адамдын эркине, каалоосуна жана анын мүнөзүнө байланыштуу. Токтоо мүнөз, ыйман жана амал адамдын мыктылыгын көрсөтүп турса, анын эрктүүлүгү Исламдын буйрук жана тыюуларын толук аткаруу менен калыптанат.

Алла Тааланын буйруктарына жана тыюуларына кылдат мамиле жасаган ар бир үй-бүлө бул дүйнөдө бактылуулуктун булагы жана

Жараткан ыйгарган жакшылыктардын бири болуп саналат. Бул бактылуу жашоонун үзгүлтүксүз улануусунун сыры эки жубайдын бири-бирин түшүнүшүп жашоосунда жатат.

Азыркы учурда **“аялдардын эркек сымал, эркектердин аял сымал жүрүшү”** үй-бүлөлөрдө берекенин кетүүсүнө жана бузулуусуна себеп болгон эң маанилүү маселе катары каралып келет. Алла Таала аялзатын өзүнчө, эркекти да өзүнчө өзгөчөлүктөрү менен жараткан. Ал өзгөчөлүктөрү аялдын да эркектин да коомдогу ордуна ылайык жаратылган. Дене түзүлүшүнөн тартып ички дүйнөсүнө чейин бардык өзгөчөлүктөрү аларга жүктөлгөн жоопкерчиликтерге жараша ыйгарылган. Ушуга байланыштуу, үй-бүлөнү багуу менен милдеттенген эркек, руханий жактан да дене түзүлүшү жагынан да ошого ылайык жаратылган. Бул абал, үйдүн кожоюну эркек экендигин жана анын үй-бүлөсү үчүн жашоо менен күрөшүү жоопкерчилигин мойнуна алгандыгын көрсөтүп турат.

Аялзаты үй-бүлөнү багууга милдеттүү эмес. Эгерде бул милдет аялга берилгенде, ал үчүн азап, түйшүк жана машакат гана болмок. Анткени аялзатынын жаратылышы дене түзүлүшү жагынан да, руханий жактан да жашоонун азабын көтөрө албайт. Аялга баарынан мурда бала төрөп, аны бапестеп чоңойтуп, өстүрүү сыяктуу назик мамиле жасала турган милдеттер тартууланган. Бирок мүмкүнчүлүк жаралып, ылайыктуу жумуш табылса, иштесе болот. Буга кыздарга сабак берүү, Куран үйрөтүү жана башка ушул сыяктуу жумуштарды мисал келтирсек болот.

Жараткан тартуу кылган аялга да, эркекке да таандык өзүнчө жана бири-бирин толуктап турган

өзгөчөлүктөрдүн сыртына чыга турган болсо, үй-бүлөдөн кут кетет, береке качат.

Эскертип айта кетчү нерсе: үй-бүлөдө эркектин кожоюн болушу кара күчкө салуу менен башкаруу же аялдын эркекке баш ийүүсү "кул" сыяктуу деп түшүнүү туура эмес. Ар ким өз милдетин кылдаттык менен өзгөчө аткарса, бири-бирине назик мамиле жасашса гана үй-бүлөдө "заалым" (жапа чектирген) да "мазлум" (жапа чеккен) да болбойт.

Эгерде аялзаты моюн толгоп, сөз угуудан баш тартса, эркек да кожоюндугун напсинин каалоолоруна карап колдоно турган болсо, үй-бүлөдө тынчтык калбайт. Бирок, жумуштан чарчап келген эркек чарчаганын жазуу үчүн кээде жубайынын жылуу мамилесине муктаж болушу мүмкүн. Ошондой эле эртеден кечке күйөөсүн күткөн аялдын да жолдошунан жылуу мамиле күтүүгө акысы бар. Ушул себептен улам үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү Жараткан жүктөгөн милдетти билип, аны так аткаруусу керек.

Жыйынтыктап айтканда, үй-бүлөнү бактылуу кылган эки тараптын ортосундагы махабат жана сый-урмат. "Уяны ургаачы куш курат" деп бекеринен айтылбаган. Ошол себептен үй-бүлөгө ээ чыгып, аны бекемдөөдө аялзаты таасирдүү келет. Демек, аялзаты бул маселеде эркекке салыштырмалуу көбүрөөк аракет жасоосу жана убакыт бөлүүсү керек. Алла Таала да бул багытта эненин мээримин күчтөнтүп, эркекке караганда алда канча сезимталдуу кылып жараткан.

Маселеге байланыштуу Исмаил Хаккы Бурсави Тарик сүрөсүнүн 7-аятында өткөн "ат-тарааиб" сөзүнө төмөнкүчө түшүндүрмө берген:

*“Баласы сууга түшүп кеткен эне суунун агымы канчалык чоң болбосун, толкуп ташыбасын, ал эне жанын аябай, тайманбай туруп өзүн сууга таштайт, колунан келишинче баласын куткарганга аракет жасайт. Бирок ата мындай кыла албашы мүмкүн. Эгер баланы куткаруудан үмүт үзүлсө, суунун жээгинде кайгырып ыйлайт гана.”*

Албетте, жогоруда айтылган түшүндүрмө азыркы дүйнөнүн шарттарында жашап, бирок энелик аң-сезимди толук түшүнгөн, өзгөчө сапатын жоготпогон аялзаты үчүн. Бирөөнүн эшигинин алдына, көчөгө балдарын таштап баса берген мээримсиз, ырайымсыз, жүрөгү таш болуп калган энелер үчүн эмес. Алар табиятындагы энелик сапатын жоготкон, аң-сезимсиз адамдар.

Чындыгында эч бир эне баласын таштап кете албайт. Бул сезим жаныбарларга да берилген Алланын белеги. Мисалга алып карай турган болсок, жаныбарлар тууралуу тартылган тасмада ушул нерсени көрүүгө болот. Ал тасманы тарткандар төмөнкүдөй окуяга күбө болушкан.

Кения мамлекетинде жайгашкан Самбуру коругунда, 2001-жылдын 21-декабрынан тартып 2002-жылдын январь айынын 1-2-күндөрүнө чейин болуп өткөн жаңы туулган бугу баласы менен ургаачы арстандын ортосундагы таң калычтуу окуя тасмага тартылып алынган. Алар эне менен баладай мамиледе болушкан. Али киндиги түшө элек бугу баласына боору ооруган эне арстан аны өз баласындай коргоп жүргөн. Арстандан жылуу мамиле көргөн бугу баласы да андан ажыраган эмес. Сүт эме албагандыгы үчүн жалбырак жей баштаган. Ал эми арстан, анын бугу баласы экенин

баамдаган чыгаар, аны эмизгенге же эт менен бакканга аракет кылган жок. Жада калса, ач калып арыктаганына карабай ууга чыкпай, бугу баласын коргоп гана жүргөн. Ошентсе да экөөнүн тең дени сак. Бугу баласы сүт эме албаса да, эне арстан ууга чыкпаса да, арыктап баратса да, аман...

Баласын издеген бугу бир канча күндөн кийин аны таап келет. Баласын арстандын коргоосунда жүргөнүн көргөн бугу эне таң калычтуу карап, жанына барайын дейт, жакындай албайт. Кетип калайын дейт, же кете албайт. Алыстан туруп маараган бугу эптеп баласы менен байланыш курат. Акырындан жакындашып бирге оттошот. Бирок, арстан да алыстап кете албайт, контролдогон сыяктуу айланчыктап басып жүрөт. Себеби, эне арстан бугу баласына көнүп калган болчу. Ажырагысы келбей турганы анын бугу баласын жыттап, сылап коргоп турганынан белгилүү эле. Аягында бугу баласынын башкага таандык экенин туйгансып аны менен коштошкон сымал жалооруп тиктей эне менен баладан алыстап кетет. Эне арстандын кетүүсү менен эки бугунун, эне менен баланын кароосуз калганын байкаган башка арстандын бугу баласын энесинен ажыратып баса калат. Тилекке каршы бугу баласы аларды аңдып жүргөн башка бир арстанга жем болот. Аны көргөн эне арстан кайра келип, кайгырганын билгизгенсип, кудум ичинен ыйлаган энедей бугу баласынын жерге төгүлгөн канын жыттагылайт.

Камерага тартылып калган бул окуянын адам баласына сабак болоору анык. Эненин мээримин көрсөткөн, Алланын кудурети менен болгон бул окуя көптөгөн энелик милдетин аткарбагандар үчүн өрнөк боло алат. Болгондо да, эки башка түрдөгү, бири-бирине душман эки жаныбардын

ортосундагы мамиле. Бул да болсо, Улуу Жараткандын кудуретин көрсөткөн дагы бир окуя.

Бул окуя бизди терең ойлонууга чакырат. Дене түзүлүшү аркылуу эмес ички дүйнөгө жараша эне болуу мүмкүн экендигин түшүнүү керектигин айтып турат. Эгерде эне мээрим, ырайым жана боорукердик сыяктуу өзгөчөлүктөрүн жоготкон болсо, анда ал ташбоор, мээримсиз аңчыга айланат. Нечен наристенин тагдырын талкалайт. Ошондуктан эч бир эне, энелик милдетин унутпасын, Алла Таала берген мээримди бекем сактасын. Акыретте башка жан-жаныбар баласы менен беттештирилип сурака тартылбайт. Бирок, адам баласы үчүн бул сурак чындык. Тактап айтканда, махшар майданында ар бирибиз балдарыбыз менен беттешебиз. Жакшы тарбия берсек жакшы, эгерде тарбия бере албасак анда жаман абалда болобуз. Демек, ар бир ата-эне балдарын бейишке кирүүсүн каалап, ага жакшы таалим-тарбия жана тозоктун отунан сактап, аны жамандыктан алыс чоңойтуусу керек. Ар бирибиз үчүн балдарыбызга диний тарбия, аң-сезим, адеп-ахлак жана Алланын пендеси экендигин түшүндүрүү сыяктуу негизги нерселерди үйрөтүү башка илимден мурда аткарылуучу нерселер.

*Азыркы учурда үйлөнүүдөн мурда эки тарап макулдашып сөйкө салып коюшат. Ушул учурда али никеси кыйыла элек эки тараптын чогуу жүрүшү, сүйлөшүүлөрү жана башка мамилелери тууралуу көңүл буруу керек болгон жагдайлар кайсылар?*

Эң башынан бери айткандарымдын кыскача маңызы – бекем үй-бүлө куруу. Үй-бүлөнү

бекемдөө никеге чейинки убакта болсо да Алланын буйругунан чыкпай, шарият койгон тартиптин негизинде гана ишке ашат. Тилеке каршы азыркы жаштардын арасында никеге чейинки убакта никелүү үй-бүлөлөрдөй мамиледе болушуп көптөгөн каталарга жол берилүүдө.

Сөйкө салуу, куда түшүү – эки тараптын үйлөнүү боюнча бир чечимге келишип убадалашуусу гана болуп саналат. Тагыраак айтканда, бул этап нике кыйылгандан кийинки этаптан айырмаланып турушу керек. Эки тарап бири-биринин махрамы эмес. Ошондуктан адал жана арам иштерде кылдат мамиле кылуу зарыл.

Кыскасы, эки тарап тең нике кыйылганга чейин эч ким жокто жалгыз жолугушуусу, ашыкча сүйлөшүүлөрү, көбүнесе чогуу жүрүүсү туура эмес. Азыркы күндө ушундай жүргөндөр канчалаган жүрөктөрдүн жараланышына себеп болуп жатканына баарыбыз күбөбүз.

Темага байланыштуу Ибни Аббастан келген бир риваятты эскерте кетүүнү туура көрдүм:

Алла Таала Обо энени Адам атанын сол жак кабыргасынан жаратты. Адам ата ал учурда уйкуда болчу. Ойгонуп, жанында жаткана Обо энени көрүп, жүрөгү жылый ага колун узатты. Периштелер:

*"– Эй, Адам, ага жакындаба! Силердин никеңер кыйыла элек!"* - деп тоскоол болушту.

Андан соң Адам ата менен Обо эненин никеси кыйылды. Махрдын өлчөмү Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафага *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үч жолу салават айтуу менен чектелди.

Ошентип, Алла Тааланын алдында, Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* урматына кыйылган алгачкы нике болду.

*А, той өткөрүү боюнча эмне дейсиз?*

Үйлөнүү тоюн өткөрүү үй-бүлө, дос-туугандар менен кубанычты тең бөлүшүүгө себепчи болот. Ошондой эле муну никени жалпыга жарыялоонун бир жолу катары карасак да болот. Адам баласынын тукумун улантуу жолунда маанилүү себептин башталышын кубанычтуу өткөрүү үчүн тойду адатка айлантуу жакшы иштердин бири. Адамдын табияты да ушуну талап кылат.

Кандай болбосун ысырап кылуу же жаш үй-бүлөнүн кийинки жашоосуна терс таасирин тийгизгидей кылып той өткөрүүгө Ислам дини эч качан жол бербейт. Той эмес, шарылдап аккан дарыянын жээгинде да сууну үнөмдөп даарат алууга үндөгөн Ислам адамдын ар дайым үнөмдүү болуусун адатка айлантуусун каалайт. Той өткөрө турган эки тараптын байлыгы ашып-ташып жатса да, чөйрөдөгү жакырларды эске алуу менен үнөмдүү болууну унутпашы керек. Азыркы кээ бир тойлордо байлыгын элге көрсөтүү максатында ысырапчылыктын туу чокусун багынтуу аракеттери Исламды толук түшүнбөгөндүктүн белгиси.

Тойду жупуну өткөрүү, ысыраптан, эл көрсүндөн алыс болуу, ар ким өзүнүн социалдык абалына жараша уюштуруусу абзел. Эл көрсүн үчүн, мактануу ниетинде өткөрүлгөн тойлор негизги максатынан алыстап, маңызын жоготот.

Айрыкча Исламга туура келбеген түрдүү жолдор менен той өткөрүү, жаңы үйдөн берекенин кетүүсүнө, бактысыздыкка себепчи болот. Мындай тойлор караңгылыктын, түркөйлүктүн жана адашуунун белгиси. Ал эми Алланын өкүмдөрүнө баш ийип, шарияттын чегинде өткөрүлгөн тойлор дубалар кабыл болгон куттуу жайлар.

Тойлордо аялдар менен эркектер аралашпай, ар ким өз алдынча, адал жолдон адашпай майрамдоосуна гана уруксат берилет.

Ошол эле учурда келген конокторго арналган сый тамакка бей-бечараларды да чакыруу керек. Анткени, Алланын элчиси Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи ва саллам)* минтип эскертип айткан: *"Жалаң байлар гана чакырылып, жакырлар чакырылбаган сый тамак, той кандай гана жагымсыз..."* (Бухарий, Никах 72; Муслим, Никах 107, Ибн-и Маажа, Никах 25).

Бул үммөткө Алладан жардам келген болсо, алсыздардын дубасынан улам келгендигин билип жүрөлү. Демек, тойлорго бей-бечара, жакырларды да чакырып тамак берүү маанилүү нерсе. Азирети Мусанын (а.с.) Алла Таалага жалбарганын эстейли:

"Ал:

– Оо, Жаратканым! Сени кайдан издейин?" - деп сурайт.

Алла Таала ага:

"– Мени муңдуулардын, кыйын күнгө кабылгандардын жанынан изде!" - деп жооп берген. (Абу Нуайм, Хиля, 2-том, 364).

Себеби, кайгы-муңдуу, көңүлү жаракат алган капалуу адамдардын каалоо тилеги Алла Тааланын алдында кабыл болчу дубалардан бири. Алардан бата алганга аракет кылышыбыз керек. Өзгөчө үй-бүлө куруунун алдында бата алуу өтө маанилүү. Аны менен бирге Алланын сүйүктүү кулдарынан да бата алганды унутпайлы.

*Жаңы үйлөнгөн жаштар үй-бүлөсүн бекем сактоодо кайсы жагдайларга көңүл буруулары керек?*

Ар бир улут эркеги менен өсөт, көтөрүлөт, бирок аялзаты болмоюн бул өсүү толукталбайт. Аялзатысыз же эркексиз бир улуттун өсүп-өнүгүүсү мүмкүн эмес. Экөөнүн ортосундагы мамиле үйдөн сырткары, мисалы, эркектин жумушуна да таасирин тийгизет. Эгерде эркек үйдө бактылуу болсо, жумушуна оң, бактысыз болсо терс таасирин берет. "Вазир жакшы хан жакшы, аял жакшы эр жакшы" дейт эмеспи. Өлкөнүн өнүгүүсүнө аялзатынын деңгээли канчалык даражада таасирин тийгизсе, өнүкпөй артка кетүүсүнө да ошончолук даражада таасирин тийгизет. Бул тууралуу тарыхтан көптөгөн өрнөгүн көрүүгө болот. Демек, бекем үй-бүлө куруу ар бир элдин муктаждыгы.

Адам баласы эң мыкты жаратылган жандык. Бирок анын мыктылыгы бекем үй-бүлө куруусу менен ортого чыгат. Ушул себептен улам, үй-бүлө адам баласын тарбиялап жашоого үйрөткөн, ахлак жана мүнөзүнө форма берген таалим борбору болушу керек. Ошондо гана адам баласынын ички дүйнөсү, руханияты өнүгүп, пайгамбарлардын жана олуялардын жашоосунан үлгү алат.

Ал эми үй-бүлөнүн тынчтыгы жана бекемдиги эки тараптын тең бири-бирине карата мамилесинен, ар кимдин укугуна урмат көрсөтүүдөн башталат.

Үй-бүлөдө тынчтыкты орнотууда аятта өткөн **"اِتَّقُوا/Алладан корккула!"** деген буйрукка ылайык такыба болуп жашоонун орду чоң. Чындыгында бул дүйнө аялдын укугун тепселөө менен тозоко, анын укугун коргоо менен бейишке айланат. Азирети Мухаммед Мустафа *(саллаллаху алейхи ва*

*саллам)* коштошуу кутбасында аялдын укуктары тууралуу мынтип айткан жери бар:

*"Эй, адамдар! Аялдардын укугун коргогула! Аларга ырайымдуулук менен мамиле жасагыла! Аял маселесинде Алладан корккула! Силер, аялдарды Алладан аманат катары алдыңар. Алардын намысын, аруулугун коргоо үчүн Аллага сөз берип өзүңөргө адалдадыңар!"* (Сахихи Бухари Мухтасары, 10-том, 398).

Аялдарды болочок муунду тарбиялоодон алыстатып, аларды табиятына ылайык келбеген жумушта иштетүү же багыт берүү акылга да ыйманга да жатпаган маселе. Анткени, ар ким табиятына жараша өз ишин аткарса гана үй-бүлөдө тынчтык, бактылуулук пайда болот.

Ушул максатта гана негизделген үй-бүлө Исламда идеалдуу үй-бүлө катары каралат. Үй-бүлө куруунун материалдык да моралдык да жагы бар. Эки жактуу болбосо, анда жөн гана бирге жашоону максат кылган болот. Бул максат менен курулган кайсыл үй-бүлө болбосун кээде көпкө узабай ыдыраса, кээде бактысыздыкка батып мажбур жашап келишет. Албетте, эч ким мындай жашоону каалабайт. Ошондуктан хадисте да айтылгандай эле үй-бүлөдөгү ажырашуулар Алла Тааланын "Аршын" титиретет. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай деген:

*"Үйлөнгүлө, ажырашпагыла! Анткени ажырашуу (талак берүү) болгон кезде "Арш" титирейт..."* (Али аль-Муттакий, IX, 1161/ 27874).

Жөн гана, себепсиз көңүл ачуу үчүн ажырашуу – зулумдук, анын сурагы да жазасы да оор болот. Бул күнөө адам акысына киргендиктен Алла Таала кечирбейт.

Артын ойлобой туруп турмуш кургандар, натыйжада канчалаган үй-бүлөнүн кыйроосуна себеп болгондордун саны күн өткөн сайын арбып барат. Мындай көрүнүштөр алгач балага терс таасирин тийгизет. Үйүнөн жакшылык көрбөгөн, ата-энесинин мээриминен алыс калган балдар, көбүнесе көчө тарбиясын алып чоңойушат. Үйгө караганда көчөдөн көбүрөөк тарбия алган бала, чоңойгон сайын көчө аны өзүнө тарта баштайт. Көчөдөн тамеки, спирт ичимдиктери, баңги заттарды колдонуу, сойкулук жана башка түрдүү күнөөлөрдүн капканына түшүшөт. Бул абал коомдун кыйроосуна жол ачкан негизги себептердин бири.

Ошентсе да, Ислам done динінде нике кыйылгандан кийин католиктердей болуп өмүр бою мажбур жашоо деген түшүнүк жок. Ар бир келишим ким тарабынан түзүлсө ошолордун жокко чыгаруусу же башка келишимдин түзүлүшү менен гана бузулат. Ислам дининин негиздерин түзгөн бул мыйзамдар акылга да, логикага да туура келет. Турмуш кургандар үчүн ажырашуу укугу берилбесе, анын жашоосу кээ учурларда азапка айланышы мүмкүн. Акыр аягында ар кандай адашууларга алып келүүсү толук ыктымал. Ушул сыяктуу себептерден улам Ислам done динінде талак берүү Аллага жакпаган, бирок адал иштерден болуп саналат.

Талак берүү укугу сабырдуулугу, туруктуулугу жана чечкиндүүлүгүнөн улам эркек кишиге берилген. Анткени, аялдар сезимтал болгондуктан бул маселеде ачууга алдыруу сыяктуу ойлонбой туруп чечим чыгарган өзгөчөлүктөргө ээ. Нике учурунда аял кишиге да талак укугунун берилишине эки тарап тең ыраазы болуп, келишилген болсо, анда ага тыюу жок. Буга “тафвизу талак” деп

айтылат. Мындан сырткары, аял кишиге нике учурунда талак укугу берилбесе да, эгерде ажырашууга мажбур кылган жагдай пайда болсо, анда аял кишинин тиешелүү жерлерге кайрылуу аркылуу ажырашууга укугу бар.

Төмөнкү хадисте Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай дейт:

*"Эгерде ким түн уйкусунан туруп, жубайын да ойготуп, чогуу же өз алдынча эки ирекет намаз окуса, алар Алла Тааланы эң көп зикир кылгандардын катарына жазылышат."* (Абу Давуд, Татаввуъ 18, Витир 13)

*"Түн уйкусунан туруп намаз окуган, аялын да ойготкон, ойгонбосо жүзүнө суу серпип ойготконго Алла Таала ырайым кылсын! Ошондой эле түнү туруп намаз окуган, күйөөсүн да ойготкон, ойгонбосо жүзүнө суу серпип ойготкон аялзатына да Алла Таала ырайым кылсын!"* (Абу Давуд, Татаввуъ 18, Витир 13).

Жогоруда айтылган хадистердин кыскача айтайын дегени төмөнкүлөр:

**1. Эки тараптын ортосундагы жакындык,**
**2. Бири-бирин такыбачылыкка үндөө сыяктуу эки негизги маселени түшүндүрөт.**

*Буга чейин айтылгандардын баарын ичинде камтып турган өрнөк боло алчу бир үй-бүлөнү көрсөтүү керек болсо, кандай мисалдарды келтире аласыз?*

Албетте, көптөгөн мисалдарды келтирсек болот. Бирок, баарынан мурда Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бактылуу үй-бүлөсү эске келет.

Анткени Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өмүрүнүн ар бир сүртүмүндө бизге өрнөк болгудай үй-бүлөсү менен тынчтыкта, бактылуу жашап өткөн. Ал, бактылуу үй-бүлөнүн үлгүлүү кожоюну жана атасы деп айтсак жаңылыш болбойт. Анын жубайы Азирети Хатижа энебиз да үлгүлүү аял жана эне болгон. Берки жубайлары да үлгү алынчу энелерибиз эле. Кыскача айтканда пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* үй-бүлөсүнөн жагымсыз эч кандай окуя же киши чыккан эмес. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* да адам баласы. Кээде жубайлары менен ортосунда түшүнбөстүктөр келип чыкса да, андагы адеп-ахлак, кулк-мүнөз бул түшүнбөстүктөрдү жакшы натыйжа менен чечкенге түрткү болгон жана өзүнөн кийинки үммөтүнө ушул багытта өрнөк боло алган.

Анын үй-бүлөсүндө кээде бир канча күн тамактын жыты чыкпаса да, бакыттын, тынчтыктын жыты буркурап турчу. Мына ошол үй-бүлөнүн аялдары үчүн бөлүнгөн бөлмөлөр өтө тар болсо да, сабырдуулук, каниеттүүлүк жана ыраазы болуп жашоо түшүнүгү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* тарбия методу аркылуу бекем орношкон эле. Эч бир аялзаты өз өмүр жолдошун, Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жубайларынын аны сүйгөнчөлүк сүйө албайт. Эч бир эркек өз жубайына Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өзүнүн аялдарына көрсөткөн сүйүүсүндөй сүйүүнү тартуулай албайт. Эч бир бала Азирети Фатима энебиздин өз атасын сүйгөнчөлүк атасын сүйө албагандай эле, эч бир ата да, пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өз кызы Фатима энебизди сүйгөнчөлүк баласын сүйө албайт.

Расулуллах *(саллаллаху алейхи ва саллам)* момундардын энелери аталган жубайларынын арасында адилеттүүлүк менен мамиле жасаганга өтө аракет кылган жана Алла Таалага жалбарып, алардын арасында толук адилеттүү болуунун оордугун төмөнкүчө баяндаган:

*“Оо, Жараткан, балким байкабай алардын бирөөсүн башкаларына салыштырмалуу көбүрөөк сүйүшүм мүмкүн. Бул туура эмес, адилетсиздик болот. Жаратканым, ошондуктан бул маселеде колумдан эч нерсе келбегендиктен сенин ырайымыңа муктажмын!”* [2]

**Оо, Жараткан! Бизге, үй-бүлөбүзгө сенин ыраазычылыгыңа ылайык жашоо үчүн такыбачылыкты насип кыл! Үй-бүлөбүздү тынчтыктын жана бакыттын мекенине айлант!**

**Оомийн!...**

2. Пайгамбарыбыздын (с.а.в.) минтип дуба кылып жалбарышында көптөгөн хикмат бар. Ар багытта аны өрнөк алган үммөтүнө, өзнүн адам баласы экендигин унуттурбоо. Себеби, мурдагы коомдордо өз пайгамбарларына ашыкча урмат-сый көрсөтүп, ашачапкандыктан улам таухид ишениминин негиздерин унутушкан жана пайгамбарды теңирдик макамга ылайык көрүшкөн. Ошол себептен Ислам дининде ыймандын негиздерин түзгөн “шахадат келмесинде” Азирети Пайгамбардын (с.а.в.) “Алланын элчиси” экендигинен мурда анын “Алланын кулу” экендигине басым жасалган. Албетте, анын кул экендигине басып жасап, элчи экендигин унутта калтыруу, өтө чоң түркөйлүк экендигин айта кетишибиз зарыл.

# Үй-бүлөдө аялзатына тиешелүү маселелер

*“Жакшы (салиха) аял – күйөөсү жүзүнө караганда
аны кубанткан, күйөөсүнүн каалоолорун
шарияттын чегинде орундаткан, ал жокто мал-
мүлкүн жана ар-намысын
коргогон аял.”
(Ибн Мааже, Никах, 5/1857)*

*Үй-бүлөдө тынчтык жана бакытты орнотууда аялзаты эмнелерге көңүл буруусу керек?*

Аялзаты баарынан мурда Жаратканга жакын болуп, такыба жашоону тандоосу керек. Ибадаттарга канчалык көңүл бөлсө, арам менен адалды айырмалоодо да ошончолук кылдат мамиле жасашы зарыл.

Үй-бүлөдө эненин адеби, туура жолду тандоосу өз күйөөсүнө, балдарына, туугандарына, жада калса колу-коңшусуна да таасир бере тургандай абалда болушу керек. Жакшы аял – айланасына бакыт нурун чачкан, бейиштин жыпар жыттуу гүлү.

Аялзаты үчүн Аллага ибадат кылуудан кийинки эң маанилүү милдети – өмүрлүк жолдошун жана балдарын бактылуу кылуу. Күйөөсүн ыраазы кылуусу, үй-бүлөсүнүн намысына шек келтирген нерселерден коргоосу, аялдарга Алла Тааланын ыраазычылыгын алып келет. Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* айткан кеби бар:

*“Жакшы аял – күйөөсү жүзүнө караганда аны кубанткан, күйөөсүнүн каалоолорун шарияттын чегинде орундаткан, ал жокто мал-мүлкүн жана ар-намысын коргогон аял.”* (Ибн Маажа, Никах, 5/1857).

Демек, аял киши күйөөсүн ыраазы кылуунун жолдорун таап, анын ыраазычылыгын көздөөсү керек.

*Ушул маселени дагы да кененирээк түшүндүрүп кетсеңиз. Аялзаты күнүмдүк жашоосунда кайсы нерселерге көңүл буруусу керек?*

Аял үй ичинде да өзүн жакшы карап, таза, тыкан болууга аракет кылышы керек. Аялдын үстү-башынын тыкандыгы, тазалыгы эркекке сөзсүз таасирин тийгизет. Ошондуктан ар бир аялзаты өз күйөөсүнүн алдында өзүн тыкан алып жүрүп, ар кандай кирдүүлүктөн сактанууга аракет кылышы зарыл.

Үйдөн издегенин таппаган эркек сырттан, туура эмес жайлардан издей баштаса, анда үй-бүлөдөн кут-береке, тынчтык кетет. Ушул жолдон алыс болуу үчүн аял киши жыпар жыттанган гүл сыяктуу үйдүн көркүн ачып, күйөөсүн өзүнө тартып турушу кажет. Күйөөсү жумуштан кийин үйдөн качып, кечигип баруунун ордуна үйгө шашкыдай болсун.

Жакшы аял күйөөсүн эшиктен киргенде жылмаюу менен тосуп алып, узатканда жакшы сөздөр менен дуба кылып узатсын. Аял аябай чарчаган болсо да күйөөсүнө карап кабагын салбасын. Жолдошунун түйшүктөрүн тең бөлүшүп, анын чарчоосун кетирүүгө жардам кылсын.

Түгөйлөр болбогон майда иштерге да таарынып, бири-биринин тынчын албаганга аракет кылышсын. Буга сахабалардан Умму Сулаймдын күйөөсүнө болгон мамилеси кандай сонун үлгү боло алат. Ал баласы каза болгонуна карабай күйөөсүнө кызмат кылганды таштаган эмес. Окуя төмөнкүчө риваят кылынат: Абу Талха үйүндө жок болуп калган учурда катуу ооруп жаткан баласы каза табат. Умму Сулайм баласын жуунтуп, аны кепинге ороп койот. Абу Талха үйүнө келип:

– Уулум жакшыбы? - деп сурайт. Умму Сулайм:

– Уулуңдун оорусу басылды. Эс алып жатса керек, - деп жооп берет. Умму Сулайм үйүндөгүлөргө: "Абу Талхага уулунун каза болгондугун эч ким айтпасын! Өзүм айтам" - деп катуу эскерткен болчу. Андан соң күйөөсүнүн тамагын берип, өзү үстү-башын оңдоп, жасанып алып күйөөсүнүн жанына отурду. Тамактан соң чогуу уктап эс алышты. Эрте менен Абу Талха сыртты карай жөнөгөндө Умму Сулайм өзүнүн акылынын зиректигин, сабырдуулугун көрсөтүп, ага:

– Абу Талха, коңшунун кылганын карачы. Колдонуп турайын деп алган аманатын кайра сурасам бербей койду, - деди. Анда Абу Талха:

– Ушу кантип болсун! - деп таң калычтуу жооп берди. Артынан Умму Сулайм:

– Абу Талха, уулуң сага жиберилген Алланын аманаты эле, аны кайра алды, - деп жиберди. Абу Талха селдейе түшүп, бир саамга унчукпай туруп калды да:

– Чындыгында биз Аллага таандыкпыз жана Ага кайтуучубуз, - дегенге араң жарады. Андан соң жаназа намазы үчүн мечитке барган кезде Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* болгон окуянын баарын айтып берди. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам):*

– Улуу Жараткан бул түнүңөрдү куттуу кылсын, - деп дуба кылды. Мына ушул дубанын таасиринен уламбы, айтор арадан жыл өтпөй Жараткан аларга дагы бир уул тартуу кылды. Жаңы төрөлгөн наристеге Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* курма жедирип, Абдуллах деп ат койду. Алаканын жайып ал үчүн дуба кылды. Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)*

дубасы менен Абдуллах кээ бир риваяттарда жети же тогуз балалуу болуп, баары тең Куранды толук жатташкан. (Бухари, Жанаиз 42, Акийка 1; Муслим, Адеп 23; Фадаилус-Сахаба 107).

*Күйөөсү менен жылуу мамиледе болуп, үй-бүлөнү бактылуу кылуу үчүн аялзаты дагы кандай жагдайларга көңүл буруусу зарыл?*

Үй-бүлөдө күйөөсүн эч качан экинчи планга таштап койбошу керек. Аялынын көңүл бөлбөгөнүн көргөн ар бир эркекке бул нерсе оор келет.

Адамды ыраазы кылуу үчүн аны жакындан таануу керек. Ошондуктан аял киши күйөөсүн жакындан таанышы, түшүнүшү, анын сезимдерин, табитин жана башка арзууларын билиши керек.

Албетте, эркек да аялын жакындан тааный билиши шарт. Эки тарап тең буга маани бербей турган болсо, өмүр бою чогуу, тапканын бөлүшүп жашоо дегенден алыстап баштайт. Натыйжада бири-биринен да убакыт өткөн сайын алыстап, сүйүүнүн ордун жек көрүү ээлей баштайт. Өзгөчө карылык жашка чейин бирин-бири жакшы таныбай, жакындай албай ажыраша турган болсо, анда алар үчүн эң түйшүктүү, жалгыз өткөрчү күндөр башталат.

Шариятка терс келбеген, жакшы иштерде аялы күйөөсүнө жардам берсин. Өмүр жолдошунун туугандары менен да сылык мамиледе болсун. Эки арада кала турган болсо, жолдошунун үй-бүлөсүнө көбүрөөк көңүл бурсун.

Жашоодо эмнелер гана болбойт. Ар кандай кырсык, кыйынчылык туш келиши мүмкүн. Мына

ошол учурларда жубайлар бири-бирине колдоо көрсөтсүн. Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ала турган болсок, алгачкы жубайы Азирети Хатижа энебиздин сабырдуулугун, түшүнүктүүлүгүн, боорукердигин жана жоомарттыгын өмүр бою унута албай, дайыма эскерип турган.

Кыскача айтканда, адамзат урматтаса урмат көрөт, жакшы көрсө аны да жакшы көрүшөт. Берешен болсо, ага да жакшылыгы кайтат. Албетте, акылдуу аял өмүр жолдошуна өзүн сүйдүрө алат жана бактылуулуктун жолун табат. Хадисте төмөнкүчө баяндалат:

*"Күйөөсү ыраазы болуп өткөн аял бейишке кирет."* (Тирмизий, Радаа 10, Ибни Маажа, Никах 4)

Хадисти чечмелей кетсек, мында күйөөсүн ыраазы кылган аял үчүн сооптун бардыгы жана ошол эле учурда эркектин үй-бүлөдөгү орду, аялзатынын адеби тууралуу айтылган. Башка бир хадисте:

*"Адамдын улуулугу анын дининде, жакшылыгы жана урматы акылында, урук-тукумунун тазалыгы (нике менен корголгон) адеп-ахлагында жашырылган"* (Дааракутни, III, 303; Байхаки, Шуъаб, IV, 160) деп айтуу менен жубай тандоонун усулу, жол-жобосу тууралуу жол көрсөтүп кеткен.

Жакшы аял жолдошу менен бирге анын туугандарын, досторун да сыйлап, алар менен аша чаап кетпегидей, чеги менен мамиле түзгөндү билет. Анткени аялынын мындай кадамы күйөөсүн кубантпай койбойт. Алар менен мамиле курууда Ислам динindeги махрамдык маселесине көңүл буруусу абзел. Аялзаты үйдө жалгыз калган учурларда махрамы болбогон эркек туугандарын

киргизбеши керек. Эч ким жаман ойдон алыспыз деп өзүн өзү алдабасын, өзгөчө аялзаты актай болгон намысына так түшүрбөсүн. Анткени, аялзаты аппак кийим сыяктуу. Ак кийимде кичинекей так болсо да ал көзгө көрүнөт.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* шектүү нерселерден өзүн алып качууну каалайт эле. Ал: *«...Куру доомат бар жерде турбагыла!»* деп айтчу. (Бурсави, Тафсир, [Юсуф сүрөсү, 50]

Бир күнү кечинде Расулуллах *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жубайларынын бири менен жолдо баратып эки киши менен кайчылаш өтөт. Аларга карай жанындагы зайыбын таанытуу максатында:

– *Бул – зайыбым Сафия бинти Хуйай,* - деп айтат. Бараткан сахабалар:

– Оо, Алланын элчиси! Алла Таала өз элчисин ыңгайсыз абалда калтыруудан аруу зат, - дешет. Анда Расулуллах *(саллаллаху алейхи ва саллам):*

– *Шайтан адамдын денесинде кан сыяктуу айланат. Ошол шайтандын силердин көңүлүңөргө жамандык, күмөн жайгаштырып коюусунан корком"* - деп айткан. (Бухари, Итикаф 11. Муслим, Салам 23-25). Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* ушундай жолдор аркылуу адамдардын ичинде күмөн калтырбоону эскерткен.

Аялдары жолдошунун жумушуна көмөк көрсөтсүн. Мына ошондо колдоо көргөн эркектердин жумушуна кызыгуусу артат. Баарыбызга белгилүү болгондой эле жакшылык иш бөлүшүү менен көбөйүп, кайгы-капа бөлүшүү менен азаят.

Жубайлар эки дүйнөдө тең өмүрлүк жолдош экендиктерин эч качан унутушпасын. Турмуш икурганга чейин өз алдынча жашап келген жубайлар эми биригип бир жашоону максат

кылышат. Чогуу жашаган соң жашоонун ар кандай кыйынчылыктарын да бирге ашышы керек Биринин буту тайса, экинчиси жөлөк болуп, бири жыгылса экинчиси аны тургузсун.

Аялзаты жолдошунун ар бир кыймылына маани берип, кызуу кандуу учурларында аны күчөтпөй жоошутканга аракет кылышы керек. Талаш-тартыштын алдын алып аны токтотпосо эки тараптын ортосунда күчөгөн жаңжалдын айынан душмандык келип чыгышы, үй-бүлөнүн туруктуулугуна залал келиши мүмкүн. Мындай учурларда аял киши күйөөсүнүн кызуулугуна алдырбай өзүн кармануусу абзел. Ошондо күйөөсү да жылуу мамиленин таасири менен жибип, уялып да калышы мүмкүн. Антпесе, алардын арасындагы аразды шайтан ого бетер күчөтүп, бара-бара күч алчу душмандыктын, жек көрүүнүн үрөөнүн себиши ыктымал.

Адам баласы кээ бир окуяларга туш болгондо ички туюмун жоготуп, байланып калышы мүмкүн. Унутушу, ката кетириши да мүмкүн. Өмүр жолдошунун кеңешүүгө муктаж экендигин байкаган ар бир аял жакшы ой-максатта аны менен ар дайым бирге, жанында экендигин сездирип, колдоп турсун. Кайсы бир маселе боюнча кеңеш суралса, билгенин тартынбай айтсын. Анын эң жакын сырдашы болсун. Эркек менен аял бирин-бири толуктаган жандыктар экенибизди унутпайлы. Өз учурунда Пайгамбарыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жубайлары да ага өз ой-пикирлерин айтышып, колдоо көрсөтүшүп келген.

Мисалы, Худайбия антташуусу учурунда кабыл алынган чечимге наараазылыгын көрсөткөн сахабалар Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* буйругун аткарбай коюшуп, Расулуллах

*(саллаллаху алейхи ва саллам)* буга аябай капа болуп турган кезде жанында кошо барган Умму Салама энебиздин берген кеңешин айтсак болот. Анткени ал буйрукту аткарбай турган сахабаларды качан гана Пайгамбар *(саллаллаху алейхи ва саллам)* чачын алдырып ихрамдан чыкмайынча анын артынан ээрчибестигин көрүп, жолдошуна өзү баш болуп чачын алдырып ихрамдан чыгуусун сунуштаган болчу. Умму Салама энебиздин бул сунушуна макул болуп, чачын алдырып ихрамдан чыккан пайгамбардын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* артынан ээрчип сахабалардын баары чачын алдырышып ихрамдан чыгышкан. Натыйжада эч кандай талашка жол берилген эмес.

Ошондой эле Азирети Хатижа энебиз да Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи ва саллам)* алгачкы вахий келген учурда ага күч-кубат болуп, кайгы-капасын бөлүшүп, жанында колдоо көрсөткөн жана Варака бин Навфал менен жолугушуусуна себепчи болгондугу үчүн пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мактоосун алган.

Азирети Умар *(радияллаху анху)* тууралуу да ушуга окшогон мисалдар тарыхый булактарда айтылып келет:

Мечиттеги мажлисте Азирети Умар аялдардын көп махр талап кылышып, үйлөнүүнү оорлоштургандыктарын айтып махрдын өлчөмүн чектөөнү каалаган эле. Азирети Умардын айткандарына арт жактан кулак төшөп отурган бир аял ордунан турду да аялдардын каалашынча махр талап кыла ала тургандыгына далил катары Ниса сүрөсүнүн 20-аятын окуп, каршылыгын билдирген. Өз катасын кеч түшүнгөн Азирети Умар:

– Бул аял туура айтты, Умар жаңылды, - деп, пикирин өзгөрткөн. (Али ал-Муттакий, XVI, 536-537/45796).

Ошентсе да, бул жерде айта кетчү маанилүү нерсе, бул аялдын кандай маселеде болбосун пикири туура болсо да текеберчиликтен алыс болуусу. Жолдошуна кеңеш берген учурда да насаат берүү максатында же катуу айтып эмес, адеби менен сый-урмат көрсөтүп айтуусу туура болот. Себеби эркек кишиге аялынын насааты жага бербейт. Эстүү аял Алла берген акыл-эсти туура колдоно билет.

Ошону менен бирге аялы өмүр жолдошун башкалардын жанында сынга алышы, насаат бергенге аракеттениши адепке жатпаган көрүнүш. Жолдошу ката кетирген болсо да, муну башка бирөөлөрдүн арасында сынга алышы туура эмес. Ал эми жолдошунун да аялына болгон мамилеси ушундай болуусу шарт. Маселени коштоп төмөнкү аятта мындай баяндалат: **“...Алар силердин кийиминңер, силер алардын кийимисиңер...”** (Бакара, 187).

Аял киши күйөөсүнүн жанында анын кемчилдиктерин салыштыруу менен башка бирөөнүн жолдошун макташы да туура эмес. Күйөөсүнүн артынан эч кимге, жада калса ата-энесине да арызданбаганы, эч кимдин алдында мүшкүл абалда калтырбаганга аракет кылганы туура. Экөөнүн ортосундагы келишпестиктерди сыртка чыгарбай, өз ара чечишкени оң.

Коомчулукта кездешип эле келе жаткан көрүнүштөрдүн бири кээ бир турмуш кургандардын бактылуу боло албай жатканы. Мунун түпкүрүндө эки тараптын бирин-бири урматтабай, тоотпоошу жатат. Бирок жубайлар

бири-биринин бейиши же тозогу болушу мүмкүн экендигин эстен чыгарбайлы. Аллага ибадат кылып, күйөөсүнүн ыраазычылыгын алган ар бир аялдын барар жери бейиш.

*Ушундай салиха жубайлар үчүн пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейхи ва саллам) кандай сүйүнчүсү бар?*

Пайгамбар *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай деп айткан:

*"Бир момун мусулман адам үчүн Алладан коркуудан кийинки эң жакшы нерсе бул – салиха аял. Мындай аял жолдошуна баш ийет. Жолдошу аны караганда ага кубаныч берет. Бир ишти аткарууга ант берсе, аялы ал ишти өзү бүтүрүп, жолдошун берген антынан куткарат. Жолдошу алыс жакка кетсе, өз намысын да, күйөөсүнүн мүлкүн да коргоодо, ээ чыгууда туура жолдон тайбайт."* (Ибн Маажа, Никах, 5/1857).

*"Бул дүйнө убактылуу. Анын эң пайдалуусу салиха, диндар аял."* (Муслим, Радаъ, 64; Насаий, Никах, 15; Ибн Маажа, Никах, 5).

Савбандан (радиаллаху анху) келген риваятта:

**"...Алтын, күмүштү жыйнап, Аллах жолунда сарптабагандарга сыздатуучу азапты сүйүнчүлө!"** (Тавба, 34) деген аят түшкөн учурда Пайгамбар *(саллаллаху алейхи ва саллам)* менен бирге сапарда элек. Сахабалардын кээ бири:

– Алтын, күмүш тууралуу аят келди. (Эми биз аларды чогултකандын ордуна жакшылыкка жумшайбыз.) Кайсы буюмдун жакшы экенин билгенибизде ошондон чогултмакпыз! - дешти. Жооп иретинде Пайгамбар *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай деди:

– Силер ээ болгон эң барктуу мүлк – зикирге жараган тил, шүгүр кыла алган жүрөк, жолдошунун ыйманын сактаганга жардам берген салиха жубай.” (Тирмизий, Тафсир, 9/9).

*Азыркы күндө материалдык жактан түрдүү кыйынчылыктарды башыбыздан өткөрүп келе жатабыз. Үй-бүлөдөгү бактылуулукту сактап калуу үчүн материалдык кыйынчылыктарды ашууда кандай кеп-кеңештерди бере аласыз?*

Баарынан мурда адам баласы напсини тыйганды үйрөнүшү зарыл. Андан соң көрүнгөндүн баарын ала бергенди токтотуп, үй-бүлөнүн бюджетин чачпаганга аракет жасасын. Анткени, мунун аягы карыздын көбөйүшү сыяктуу натыйжаларга барып такалууда.

Мисалы, азыркы доордун модасына айланып бараткан кредиттик карталардын айынан канчалаган үй-бүлөлөр кийинкисин ойлонбой, көрүнгөндүн баарын арзан экен, жеңил экен деген ой менен ченемсиз акча сарптап, пайызы менен карызга батып жатышат. Бул көрүнүш нечен бактылуу үй-бүлөнүн тагдырынын талкаланышына себеп болууда.

Материалдык жактан жетиштүү болуп турса да ысырапчылыктан алыс болуп, акчаны чачпоо керек. Бул мүлк эркекке да аялга да таандык. Кудай сактасын, кези келгенде ойлонбой чачылган акчаларды издеп калышы мүмкүн. Алла Таала Куранда мындай дейт:

**“Жакын туугандарына, кедейлерге, жолоочуларга өз акысын бергиле, бирок ысырап кылбагыла. Акыйкатта, ысырапкорлор – шайтандын достору, а шайтан өз Эгесине каапыр болгон.”** (Исра, 26-27)

Эгерде ашыкча тамак-аш, кийим-кече болсо, муктаж адамдарга таратып берүү керек. Кедейдин, муктаж адамдын көңүлүн алып, алардын батасын алуу үй-бүлөнү шаңга бөлөп, ырыскысына береке алып келет. Алар биздин ордубузда болуп, биз алардын абалына түшүп калышыбыз мүмкүн экендигин дайым эстеп жүрүү керек.

Кайрымдуу болууда **“Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар...”** (Аалу Имран, 92) деген аятты ченем алабыз.

Кайрымдуулукта кийилген кийимдер же эскиген буюмдарды бергенден көрө, биз үчүн барктуу болгонунан, бизге жаккандарынан берели.

Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* бир хадисинде:

*“Кайрымдуулук кылган киши алгач Аллага берген болот жана Алла аркылуу муктаж адамдын колуна барат.”* (Али ал-Муттакий, VI, 377).

Үй-бүлөлүк жашоодо мүлктү үнөмдүү пайдалануу алгач айымдарга тиешелүү маселе. Эгерде аял кийим-кече, тамак-аш сыяктуу маселелерде үнөмдүүлүккө маани берсе, ысырапкорлуктан алыс турса, кирешеси аз болгон үй-бүлөдө да токчулук жана молчулук болот. Үй-бүлөдөгү бакыттын башаты тамак даярдаганда “бисмилла” менен баштоо, буюмдардын керектүүлөрүн гана алуу менен башталат.

Азыркы күндө тонналаган нандардын таштандыга ташталышы өлчөп-ченеп жашоодон алыстаганыбызды көрсөтүп турат. Аял киши – үйдүн куту. Үйгө кирген ар бир нерсени ченеми менен алгандай эле аларды колдонууда да бирдей болушу керек. Эмнени гана болбосун аны түгөтпөй, көгөрүп кетүүсүнө жана таштандыга

ташталышына тоскоол болуу бул аялзатынын кыла турган жумушу.

Илгери аялдар эскирген же жыртылган кийимдерге жамап-жаскап же тигип алып эле оңдоп-түзөп келишсе, азыркылар дароо жаңысын алганга шашылышат. Бул да болсо ысырапка жол ачат.

Корутундулап айта турган болсок, бактылуу үй-бүлөдөгү аялдын милдети, жогоруда да айтып өткөндөй эле “уяны ургаачы куш курат” деген чындыкка таянат.

Аялзаты ушул чындыктын негизинде өз милдеттеринен тайбай, таамай аткарышса, ошол үй-бүлөдөн бакыт нуру чачып, бул дүйнөнүн бейишине айланат. Ал эми эркектерге болсо, мындай аялдын, бул бакыттын кадырын билип, үй-бүлөнү асырап-коргоо милдети калат.

## Үй-бүлөдө эркектерге тиешелүү болгон маселелер

*Аялын жана балдарын дин, адеп-ахлак жаатында эки дүйнө бактылуу болуп жашоосуна себеп боло тургандай кылып тарбиялоо, эрезеге жеткирүү, эркек кишинин эң негизги милдеттеринин бири.*

*Үй-бүлөдө эркек кишиге тиешелүү негизги маселелер кайсылар?*

Үй-бүлөдөгү бакыттын бекем болушу, жакшы (салих) атанын башкаруусуна байланыштуу. Жакшы ата – үй-бүлөнүн азыгын, тарбиясын милдеттенген, аларды коргоп асыраган ата. Чыныгы ата болуу үчүн, билимдүү, зээндүү, тажрыйбалуу, таланттуу жана өзгөчө ыймандуу, адеп-ахлактуу болуу керек.

*Маселени тереңирээк айта турган болсок, ата үй-бүлөсү үчүн эмнелерди кылышы керек?*

Эркек киши үйлөнүүгө ниеттенгенде баарынан мурда жоопкерчилигин мойнуна ала турган болочок үй-бүлөсү үчүн адал жолдон азык табуунун жолун издөөгө муктаж.

Эркек киши иштеп тапкан акчасынын адалдыгына көңүл буруп, аялы менен балдарын арам ырыскыдан жана шектүү нерселерден алыс тутканга аракет кылсын.

Биздин динибиз үй-бүлөнүн жүгүн, мүшкүлүн эркекке жүктөгөн жана албетте ушуга байланыштуу мурастын көп бөлүгүн да ага берген. Өзүн өзү багалбай жаткан адамдын башкаларын да кошо багышы кыйын. Ошондуктан, эгерде эркек кишинин жашап кеткидей мал-мүлкү болсо, анда үйлөнүүнүн аракетин көрүшү керек. Албетте, колунда жок, бирок үйлөнүүгө аракет кылган адамдарга Алла Таала жардамын аябайт. Алла Таала өз берешендиги тууралуу Ыйык Куранда мындай дейт:

**“Араңардагы бойдокторду, кол алдыңардагы кул-күңдөрдүн такыбаларын, дурустарын**

**үйлөндүргүлө. Ал тургай алар кедей-жакыр болсо да. (Анткени) аларды Аллах Өз берешендиги менен байытат. Аллах Берешен, Билүүчү!"** (Нур, 32)

Аяттын мааниси айтып тургандай үйлөнүүгө күчү жеткендер кечиктирбей үйлөнүшсүн, ал эми күчү жетпегендерди башкалар үйлөндүрсүн. Бул мусулман коомунун мойнундагы милдети, жакшылыктын жышааны. Натыйжада ошол коомдун намысы, аруулугу сакталып калат.

Аруулук, намыстуулук адамга гана таандык. Башка жандыктарга берилген эмес. Эгерде адам баласы бул өзгөчөлүгүн жоготсо, анда ал башка жандыктардан да төмөн абалда болот.

Шек-күмөнсүз, Алла Таала ар бир адам баласы үчүн бири-бирине окшобогон түрдүү, акылдуулук, зээндүүлүк, талант, күч-кубат жана башка ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрдү берген. Түрдүү мүнөздөгү адамдардын, ар башка кесиптердин келип чыгышы да ушуга байланыштуу. Коомдо тартиптин орношу жана туруктуулугу үчүн керектүү болгон ар бир кесипке жана кесип ээсине муктаждык бар. Касап да, тазалыкчы да, доктор да, имам да керек. Ар бир кесип ээси өзүнүн шартына жараша үй-бүлө курат. Үй-бүлө курууда социалдык абалга көңүл буруу абзел. Социалдык абал бир гана материалдык жаатта эле эмес, маданий, илим, үрп-адат, каада-салт жагына да көңүл буруу, айрым келишпестиктердин алдын алуу үчүн алгачкы кадам болуп саналат. Социалдык абалы аялы менен бирдей болбогон эркек киши, жубайы менен көп маселеде келише албашы толук ыктымал. Балким, чыныгы махабаттын жардамы менен мындай тоскоолдуктарды ашып өтүү мүмкүн. Тилекке

каршы мындай махабатка байлангандардын саны жокко эсе. Натыйжада үй-бүлө куруруда эки тараптын социалдык абалынын теңдигине маани берүү дайыма пайда алып келет.

Демек, материалдык жактан бири-бири менен байланышы бар адамдарга салыштырмалуу руханий жактан тыгыз байланыштагы адамдардын жакындашуусу, мамиле куруусу бат болот.

Үй-бүлөнүн материалдык абалы эркектин иштеп тапканына жараша аныкталат. Аялы жана балдарынын талаптары, атасы иштеп тапкан айлык акыны ашпагыдай болушу керек. Атасы, канча иштеп тапса, өз үй-бүлөсүн ошого жараша турак-жай, азык-түлүк жана кийим-кече менен камсыз кылууга милдеттүү.

Турак-жай ижарага алынган болсун, жеке мүлкү болсун, үй-бүлөсү баткыдай кененирээк, мүмкүн болушунча коңшулары, дегеле чөйрөсү жакшы, ыңгайлуу жерде жайгашкан болсо андан жакшы. Эгерде мүмкүнчүлүгү бар болуп туруп, адепсиздик, бузукулук кеңири тараган аймакта жашоосу үй-бүлөсү үчүн ыңгайсыздык жаратат. Мындай жаңылыштык үй-бүлөдөгү адеп-ахлактын алсыздашына, бара-бара ыдырашына себеп болот.

Азык-түлүк таап келүү эркектин милдети. Үй-бүлөнүн азыгы анын иштеп тапканына жараша болот. Мында эркек киши өтө жалкоолукка берилип же өтө оор жумушка баштап албасын. Тең салмактуулукка маани берип, алынын жетишине жараша иштеп үй-бүлөсүн карасын. Тең салмактуулук ысырапчылык менен сараңдыктын ортосу. Ошондуктан тапканын чачып же сараңдык кылып жашабасын. Тилекке каршы ысырапкордук азыркы күндүн негизги проблемаларынан бири. Көпчүлүк бул маселеге маани бербей келишет.

Байлыгы ашып-ташып жатса да ысыраптан алыс болболсо, анын кесепетинен мал-мүлкүн жоготуп алышы мүмкүн.

Өлүп калбаш үчүн тамактануу – парз. Муктаждыкка жараша тамактануу мубах. Бирок, ашыкча тамактануу арам болуп саналат. Олуя заттардын айтымында:

“Шариятта ысырапчылык – бул тойгондон кийин тамактануу.

Тарикатта ысырапчылык – бул тойгончо тамактануу.

Акыйкатта ысырапчылык – бул ар убак Алла Тааланын алдында экендигин унутуп тамактануу.”

Көбүнесе бала-бакыранын сүйгөн тамагы маселесинде ата-энелер зирек болушу керек. Уялып, тартынганынан эч нерсе сурап жей албаган балдарды, өзгөчө кыз балдарды унутта калтырбайлы.

Конок тоскон учурда да берешендикте чектен ашпагыдай болуу – адеп-ахлактык нормалардын да адамдык асыл сапаттардын да белгиси.

Үйдүн эркеги катары ата өзүнө, жубайына жана балдарына жазгы жана кышкы мезгилдерге ылайык жок дегенде эки түрдүү кийим алып берүү менен милдеттүү. Жума күнү жана башка майрам күндөрү үчүн атайын кийим алуу мубах. Ислам дини чеги менен жасанууга эч кандай тыюу салган эмес. Бирок, кийими менен текеберленип, жакырлардын үстүнөн күлүп жана менменсингенге тыюу салган.

Жибектен кийим кийүү, алтындан жасалган саат, шакек жана башкаларды тагынуу эркектерге арам кылынган. Анткени, аялдарга таандык буюмдардын эркектер тарабынан колдонулушу

алардын адеп-ахлак жагынан алсыздоого себеп болушу мүмкүн. Бул нерсе жаш эркек өспүрүмдөргө да тиешелүү. “Али жаш, ойноп алсын. Каалаганын кыла берсин” деп кичинекейинен кыска, тар кийимдерди кийдирип, кыздарыбызга эркектердин кийимин кийдире турган болсок, бул чоң жаңылыштык. Убакыт өткөн сайын кийип жүргөн кийимине көнүп, аны таштагысы келбей калат. Ошондуктан өзгөчө кыз балдарга жаштайынан жоолук салынганды, узун кийингенди үйрөтөлү. Ал ошентип бара-бара ушуга көнүшөт. Албетте, “хижап” кийип жүрүү, аял кишинин аруулугун, тазалыгын көрсөтүп турат.

*Үй-бүлөнү тарбиялоодо эркек киши эмнелерге көңүл буруусу керек?*

Жубайынын жана балдарынын тирүү кезинде акыретте түбөлүк бактылуу болуусу үчүн алардын адеп-ахлагы, таалим-тарбиясы менен эркек киши алек болушу керек. Ыйык Куранда да бул боюнча төмөнкүдөй баяндалат:

**“Эй момундар! Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар менен таштар (болгон) тозоктон сактагыла!** (Тахрим, 6)

Аятта айтылган бул милдеттендирменин ичине үй ичинен аялы, балдары, эгерде бар болсо үйдөгү кызматчылардан баштап коңшулар, алыс-жакын туугандар, мектеп, жада калса бүтүндөй мамлекетти тарбиялоо кирет. Себеби ар бир үй-бүлө өз ичинде таасири кандай болсо, сырткы чөйрөгө да ошондой таасири тиет.

Жубайына жана балдарына Куран окуганды үйрөтүп, ибадатка болгон кызыгуусун арттыруу атанын милдети. Аны менен бирге эки дүйнөдө

тең бактылуу жашоого татыктуу болуусу үчүн тажрыйбалары менен бөлүшүп, аларга жашоонун маңызын, негизин үйрөтүүсү зарыл. Балдарын жайкы Куран жаттоо курстарына жөнөтүү менен бул иштин башын баштаса болот. Өзгөчө кыз балдары үчүн. Ата-эненин баласы үчүн калтырган эң баалуу мурасы бул тарбиясы, акыретке даярдоосу экенин унутпайлы. Балдарынын Куран жаттоосуна себепчи болгон ата-энелер кандай бактылуу! Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* хадистеринин биринде мындайча айтылат:

*"Ким Куранды окуп ага амал кылса, кыямат күнү анын ата-энесине таажы кийгизилет. Бул таажынын жаркыраган нуру, бул дүйнөдөгү бир үйдүн ичине күндү койгондо анын чачкан нурунун жарыктыгынан да өткөн жарык чачат. Анда, Куран менен алектенген адамдын нуру канчалык болду экен? Аны силер ойлонгула!"* (Абу Давуд, Витр, 14).

Азыркы учурда чет тилин үйрөнүү үчүн канчалаган окуучу эмгектеп тапкан акчасын коротуп жатышат. Ал эми Куран курстарын жана медреселерди кенебей, унутта калтырганыбыз өз балдарыбыздын акыретин ойлобогондук. Балдарыбызды Алланын акыйкат сөзүнөн, анын буйруктарынан жана тыюуларынан алыстатуу кандай гана өкүнүчтүү.

Балдарыбыз Курандын берекесинен, өзгөчө пайгамбарлардын окуяларынан, андагы тарбиялык мааниде айтылган маселелерден кабардар болуп чоңойушу керек. Акыр замандын алдында болуп жаткан ар кандай апааттан, бузукулуктан аруу жана ыймандуу жашап өтсүн десек, аларга ыймандын маңызын жана Ыйык Куранды үйрөтүүбүз зарыл.

Ошондой эле Куран окутууну үйрөтүү менен бирге анын элчиси Мухаммед Мустафанын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* өмүр таржымалын кошо үйрөтүү керек. Анткени ал, өзгөчө өткөргөн жашоосу менен Курандын эң мыкты түшүндүрмөсү болуп берген. Алланын элчисинин жашоосун түшүнүп, аң-сезимге жайгаштырып, аны чындап сүйүү үчүн сүннөттөрүн толук аткарууга, баштап берген жолун улантууга аракет кылалы.

Ата-эненин мээриминен, таалим-тарбиясынан куру калган келечек муундарыбыз массалык маалымат каражаттарынын жана социалдык тармактардын торуна илинип, материалисттик пикир менен чоңоюшууда. Мындай алып караганда, телевизор, интернет, телефон сыяктуу заттардын колунда сүт эмип, чачын таратып, жылуу мамиле көрүп чоңойуп келе жаткандай. Ушинтип чоңойгон баланын жанында ата-энелер анын айткандарын аткаруу менен гана алек.

Интернет, телевизор жана телефондун айынан туура эмес жолдорго баш баккан, натыйжада бузуку жолго барган өспүрүмдөрдүн абалынан жооптуу ата-энелер үчүн акыретте кандай гана оор сурак бар.

Мусулман өспүрүмдүн мусулман эмес атактуу спортсменди, ырчыны, актёрду жактырып, ага окшогонго аракет жасап жатканы көңүлүңдү кейитпей койбойт. Ал эми пайгамбарлар тууралуу, алардын ырайымдуулугу, тарбия берүүчүлүгү бери турсун, жада калса алардын биринин да атын билбейт. Балдарыбызды биз эмес башкалары тарбиялап жаткандыгы айдан ачык. Ата-эне баланын азабын тартып чоңойтот, башкасы анын ички дүйнөсүн багынтып алат. Таалим-тарбия иштерин башканын каалоосуна тапшырбай, өз

колубузга алмайын, жеңиш эч качан бизге өтпөйт.

Учурда илим-технологиянын аёосуз тирешинин так ортосунда бала тарбиялоо, биз үчүн бул дүйнөнүн эң оор сыноолорунан бири. Бул сынактан жүзүбүздүн агы менен чыгууга аракет жасоо моюнубуздагы негизги жүк. Келечек муун ички дүйнөсү, аң-сезиминен тартып кийим кечесине чейин башкадан эмес өзүбүздөн, элибизден, динибизден үйрөнүшү абзел.

Ислам дини кийинүүдө кээ бир чектерди жана талаптарды койгон. Мисалы, кийимдин тар жана дене көрүнө тургандай өтө жука болбоосу шарт. Расулуллах *(саллаллаху алейхи ва саллам)* Айша энебиздин *(радиаллаху анхума)* сиңдиси Азирети Эсманын *(радиаллаху анхума)* жука көйнөк кийип жүргөнүн көрүп, андан көзүн ала качып мындай деген:

*“Оо, Эсма! Аял киши балагатка жеткен соң, өзүнүн бетин жана колдорун көрсөтүп, ушул жерлеринен башка дене мүчөлөрүн көрсөтпөсүн. Бул туура эмес.”* (Абу Давуд, Либас, 31).

Исламдын мындай шарты аялзатынын кадыр-баркынын төмөндөп кетишин алдын алуу үчүн коюлган. Аялзатынын ар намысын коргоо аялдын да, эркектин да милдети.

Кошумчалай кетчү дагы бир нерсе, балагатка жеткен ар бир эркек жана кыз балдардын бөлмөсүн бөлүп коюу, алардын руханий аң-сезимдеринин, жашоого болгон көз карашынын калыптануусунда таасири зор.

*Үй-бүлөнү коргоодо эркек кишинин дагы кандай милдеттери бар?*

Эркек өз үй-бүлөсүн ар кандай коркунучтан коргоосу шарт. Алардын адеп-ахлагын, ички дүйнөсүн талкалай турган достордон, зыярат жана саякаттардан, телевизордогу бузуку ойлорду ташыган берүүлөрдөн, болоор-болбос китептерден, газета-журналдардан алыс болуу эң негизгиси.

Кыскача айтканда, үй-бүлөнү ички жана сырткы ар түрдүү балээден коргоо, эркек кишинин милдети.

*Үй-бүлөнү башкарууда эркек киши көңүл бура турган маселелер кайсылар?*

Эркек киши диний чөйрө курууга, мажбур калмайын эркек жана аял аралаш иштеген жерлерден алыс болгонго аракет кылсын. Өзү каалабай, бирок аралашып иштөөгө мажбур болуп атса, анда кыймыл-аракетине жана көзүнө сак болсун. Эгерде жумуш берүүчү болсо, аял менен эркекти аралаштырбай иштеткенге аракет кылсын. Өзгөчө, ишканада эки киши жалгыз кала турган учурлар болсо, аял менен эркекти аралаштырбаганга көңүл бурсун. Жок жерден шылтоо таап аялдардан катчы дайындап албасын. Азыркы кезде ушул маселелерде келтирилген айрым катачылыктардын айынан канчалаган үй-бүлө кыйроонун эшигинде турат.

Акылдуу эркек үйүнө кирээрде акылын, ишканасына кирээрде сезимдерин сыртка калтырып кирет.

Аялы жана балдары менен болгон мамилесинде ачууга алдырбай, ката кетирсе кечиримдүү болуп,

мээримдүү болгонго тырышсын. Аялынын кемчилдиктерин ашкере кылбай жашырып жүрсүн.

Диний маселелерде терең маалыматка ээ болууга, түркөйлүктөн алыстап, жалкоолукка жакын жолобоого аракет кылуу керек. Өзү менен бирге жубайынын жана балдарынын да диний билимге ээ болушун каалап, ага аракет кылсын. Колунан келсе өзү үйрөтүп, болбосо ишенимдүү устаздардан жардам алып болсо да окутууга милдеттүү.

Үй ичинде кезде корс мүнөздүү болуунун ордуна жылмайыңкы жүз жана жылуу сөздөрү менен баарын өзүнө тартып туруу эркектердин үй-бүлөнү бактылуу кылууда негизги куралы болуп саналат. Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи ва саллам)* да айтканы бар:

**“Силердин эң жакшыңар аялдарына кайрымдуу болгонуңар.”** (Тирмизий, Радаъ, 11. Абу Давуд, Сүннөт, 15. Ибни Маажа, Никах, 50).

Үй иштеринде эркек киши жубайы менен кеңешип, анын күчү жетпей турган иштерди ага жүктөп койбосун. Балдарды тарбиялоодо жубайына жардам бериши, ортодогу биримдикти дагы да бекемдейт. Анткени аял киши үй иштери жана балдарына тарбия берүү менен эртеден кечке алектенип чарчайт.

Жубайы үчүн кээде анын жанында, кээде артынан болсо да, дуба кылгандан тартынбасын.

Жубайына кабар бербей туруп алыс жолго сапарга чыгуусу, ошондой эле жубайынан кабарсыз үйгө жат бирөөлөрдү конокко алып келиши да туура эмес. Конокторго кызмат кылууда эгерде мажбур болбосо, жубайынан көп нерсе талап кылбаганы оң. Мүмкүн болушунча аял-эркек аралаш отурган жыйналыш, конок жана башка учурлардан алыс болгонго аракет кылуу керек.

*Үй-бүлөнүн түйшүгүн милдеттенген аталар, эгерде баарын так аткарса, кандай жетишкендиктерге жетишет?*

Ислам дини үй-бүлөнү багуу, кароо, коргоо милдеттерин атага жүктөгөн жана милдет менен бирге ушул маселелерде толук кандуу укуктарды да берген. Ошондуктан үйдү башкаруу атага таандык болуп келет.

"Ата – аска тоо, эне – боорундагы булак, бала – экөөнө тең шам чырак" деген накыл кеп бар.

Болгон акылын, күчүн жана тажрыйбасын балдарына үй-бүлөсүнө, алардын таалим-тарбиясына жумшаган ата, албетте урмат-сыйга, сүйүүгө татыктуу. Ага каршы келүү, баш көтөрүү урматсыздык болуп саналат.

Ошондуктан Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мындай деп айткан: "Алланын ыраазычылыгы атанын макулдугуна жана каары атанын ачуусуна катылган." (Тирмизий, Бирр, 3).

Жубайы жана балдары атага баш ийүүдөн качпай ага сый-урмат көрсөтүшү керек. Анткени атасыз калуу, атасыз жашоо эң түйшүктүү турмушту алып келет. Атанын орду ал жоктугунда билинет. Аталар тирүү кезинде алардын кадырына жетип, урматтап, жаман сөз айтпай батасын алып, сыйлай билели.

# Үй-бүлөдө эркекке да аялга да бирдей тиешелүү болгон маселелер

*Эң мээримдүү, ырайымдуу ата-эне – бири-бирин жана балдарын Аллага ибадат кылууга даярдагандар.*

*Аял жана эркек баш кошуп, биргеликте турмуш куруугa, турмуштун түйшүктөрүн бирге ашууга ниет кылышат. Бул эки жаштын жашоодо эмнелерге бирдей мамиле жасап көңүл буруусу керек?*

Мында, эки нерсеге көңүл буруу керек:

– Кубанычты бөлүшүү.

– Кыйынчылыкты бөлүшүү.

Биргеликте ар ишти бөлүшүп аткаруу жашоонун ар бир кадамында ыкластуулук менен болсо... Кубаныч жана бакытты бөлүшкөндөй эле, кыйынчылык жана түйшүктөрдү да бөлүшүү зарыл. Эки тарап ар дайым бирин-бири колдоп, бири-бирин жууп, кирин кетирген эки кол сымал жардамдашып, колдоо көрсөтүүсү алардын ынтымагын бекемдейт.

Себеби жашоодо ар кандай учур келет. Кээде жыргаса жана кубанса, кээде кыйын кезеңге туш болот. Адамдын келечеги эч кимге маалым эмес. Тагдыр – бул Аллага гана маалым болгон сыр. Ошондуктан эң негизги таянычыбыз бир гана АллаТаала болсун. Ал эми экинчи таяныч – бул бактылуу жубайлар. Адам баласынын түйшүгү оорлоп кыйналган учурда үй-бүлөсүнөн күткөн колдоосун көрө албаса, андан бетер чүнчүп кетиши мүмкүн. Бирок, маданият, руханият жана билим жагынан жетиштүү үй-бүлөлөрдө мындай учурлар аз кездешет. Алар ушул сыяктуу учурларда маселелерди бирге чечип, кыйынчылыктарды бирге ашып өтүшөт.

Демек, үй-бүлөнүн бекемдиги, руханий өнүгүү өзгөчө эки тараптын ынтымагына байланыштуу.

*Ушундай бекем үй-бүлө куруу үчүн кайсы маселелерге көңүл буруу керек?*

Үй-бүлөнүн бактылуу болушу эки тараптын ынтымагы менен боло турган иш. Муну ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөр керек:

1. Ынтымактуулук.
2. Түшүнүү менен мамиле жасоо.
3. Жоомарт болуу.

Ошондой эле ынтымактуу үй-бүлө болуу үчүн жубайларда төмөнкү өзгөчөлүктөр болушу керек:

1. Дин
2. Сүйүү
3. Ырайым
4. Ишеним.

Күн өткөн сайын көбөйүп бара жаткан ажырашуулардын алдын алуу үчүн жогорудагы өзгөчөлүктөрдүн эркекте да, аялда да болушу керек экендигине негиз боло алат.

Адеп-ахлак принциптеринин негизинде, дин менен туура жолдо жашаган үй-бүлөлөр эки дүйнө бактылуу болушат. Ахлаксыздыктын, бузукулуктун уясына айланган үй-бүлөлөр өздөрү менен бирге коомго да терс таасирин тийгизишет.

Диндар адам кандай болот? Диндар деп аталган киши корс мүнөздүү, тартип билбеген же зөөкүр болушу мүмкүн эмес. Анткени ислам дини ырайымдын, тынчтыктын, жөнөкөйлүүлүктүн, кичипейилдиктин дини. Тагыраак айтканда жакшыны жакшы кылган анын адеби. Төмөндө акын айтып өткөндөй:

*Адеп – бул алтын таажы, Алладан келген,*
*Таажыны кий, кутуласын ар балээден...*

Азирети Мавлана Жалалуддин ар-Румий:

*“Акылым жүрөгүмө шыбырап:*
*«Дин деген эмне?» деп сурады.*
*Жүрөгүм:*
*«Дин – бул адеп» деп жооп берди”* деп айткан.

Ал эми сүйүү – үй-бүлөнүн уюткусу, азыгы. Сүйүү азайган жерде үй-бүлө бекем боло албайт.

Ким канчалык даражада сүйсө, аны да ошончолук сүйөт. Сүйүү, махабат күчөгөн сайын адамдын кыймыл-аракеттери, сүйлөгөн сөздөрү, кичи пейилдүүлүгү алдыга чыгат. Бирок, сүйүүнүн да чеги бар. Бирөөнү сүйүүдө аша чабуу адамга терс таасирин тийгизгендей эле аны сүйүүдөн куру калтыруу да жакшылыкка алып барбайт. Анткени, аша чабуу ашыкча кызганууга, куру калтыруу сүйгөнүндүн сүйүүнү башкадан издөөсүнө түрткү болушу ыктымал. Бул экөө тең үй-бүлө үчүн чоң трагедия.

Ошол сыяктуу эле ырайымдуу болуунун да орто жолун тандоо керек. Өтө эле ырайымдуу, кечиримдүү болуу адамды күчсүз абалга түшүрүп, зыяндуу каталарга да ырайым көрсөткөнгө чейин алып барат. Муну кечирим деп айтуу кыйын.

Ырайымдуулук аз болсо да болбойт. Анда, жүрөк катуулап, мүнөзүңө да таасир этип заалым, зөөкүр болууга түртүшү мүмкүн. Ошондуктан орто жолду тандоо, сага да үй-бүлөңө да бакыт, тынчтык алып келет. Эң ырайымдуу ата-энелер – булар бири-бирин жана балдарын эрте менен багымдат намазына ойготкон жана акырет жашоого даярдангандар.

Ал эми ишеним – эки тараптын бири-бирине ынануусу. Ишенимдүү болуу чынчылдыкты, дурус жана жалгандан алыс болууну талап кылат. Жубайлардын бири-бирине болгон ишеними, дурус мамилеси алардын бактылуу жана үй-бүлөсүнүн бекем болушу үчүн өтө маанилүү.

Ишенимсиздик жана ашыкча кызгануудан сактануу жубайлар үчүн пайдалуу. Себеби ишенимсиздик адам баласынын тынчын алган эң негизги нерселерден бири болуп саналат. Ошондуктан жубайлардын ортосундагы ишенимде кемчилдиктер кете турган болсо, бири-бирин күнөөлөөдөн мурда отуруп сүйлөшүүсү керек. Антпесе, майда маселеден чоң чыр чыгышы толук мүмкүн.

Жубайлардын бири-бири менен дурус мамиледе болуусу, башканын жубайына же жолдошуна көзү түшпөй, түгөйү менен тыгыз мамиледе болуусу үй-бүлөнү бекемдөөдө негизги шарттардын бири. Мындай көрүнүштөрдөн сактануу үчүн исламдын койгон шарттарына толук моюн сунуу керек. Жада калса, күмөндүү, ушак-айыңга кеп боло турган кыймыл-аракеттерди жасабаганга, ушак сөздөрдү айтпаганга аракет кылбасак, намысыбызга, үй-бүлөнүн наамына так түшүрүп, аброюн кетирип алышыбыз мүмкүн.

Аял да, эркек да кайын журтуна сый-урмат көрсөтүүдө кемчилдиктерге жол бербесин. Эртеңки күнү өздөрү да бирөөнүн кайын журту болот. Эмне эксең ошону оросуң дегендей, кылганыңды көрөсүң. Азыр жакшы мамиледе болсоң, сага да ошондой мамиледе жооп кайтат.

*Үйдүн ырыскысын таап келүү эркекке жүктөлгөн. Ал эми ырыскыны сарптоодо үнөмдөө жана көзөмөлдөө да эркекке берилгенби?*

Ооба, Исламда үйдүн муктаждыктарын орундатуу эркектин милдети. Бирок, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин каалоосун да аткаруусу керек дегендик эмес. Анын милдети

зарыл болгон негизги муктаждыктарды гана аткаруу. Байлыгы ашып жатса каалаганын кылуу, ашыкчасы менен баарын алуу туура эмес. Каалаганын кылуу – аягында напсинин тойбостугуна, бара-бара көпкө көпкөн адамдардын катарына алып барат. Напсиге алдырган адам өзүмчүлдүк оорусуна чалдыгат. Мүлктүн баарын өзүнүкү деп билип, ошого жараша каалашынча чачып жок кылат.

Мүмкүнчүлүгү болуп турса да кээ бир каалоолорун кийинкиге калтыра билүү, анын руханиятынын өнүгүшүнө жардам берет. Эң негизги сабыр – токчулук кезде кылынган сабыр экенин унутпайлы.

Алла Таала дубаларды кээде кабыл кылып, кээде кечиктирсе, кээде кабыл кылбайт. Мындан максат, адамдардын жалган дүйнөгө азгырылып жолун адаштырып албасын жана Алланы унутта калтырбасын үчүн. Себеби, адам баласы кыйналып, түйшүктөн башы чыкпай турган кезде да бул дүйнөдөн ажырагысы келбейт. Ал эми каалаганы аткарылып, кыялдары ишке ашып, кылган дубалары кабыл болуп турса, анда такыр ажырагысы келбейт жана ким экендигин унутуп туура эмес жолдорго барат. Адам *(алейхиссалам)* да бейиштен түшкүсү келбегендиктен ката кетирип (залла), андан соң бул дүйнөгө жиберилген. Ошол себептен балдарды тарбиялоодо аларга жашоонун өйдө-төмөнүн түшүндүрүп, ар кандай кыйынчылыкта жана жыргалчылыкта акырет сурагын эстен чыгарбай мамиле жасоо керектигин үйрөтөлү.

Албетте, сараңдыкка салып маанилүү муктаждыктарга да каражат бөлбөй коюу да туура эмес. Орто жолду тандоо тууралуу Ыйык Куранда да айтылат эмеспи:

**“Алар сарп кылганда ысырап кылышпайт жана сарандык да кылышпайт, орточо сарпташат.”** (Фуркан, 67)

Орто жол жашоонун таразасы. Сарандык канчалык жаман сапат болсо, ысырапкерчилик да ошончолук жаман сапаттардын бири. Эч ким “байлык меники, каалаганымдай колдоном...” деп айта албайт. Ал байлык Алланын бизге берген аманаты. Акыретте “байлыгыңды кайда сарптадың?” деп бизден суралат. Ар бир сарпталган нерсенин сурагын беребиз. Бул тууралуу да Куран аяттарында:

**“Жакын туугандарыңарга, кедейлерге, жолоочуларга өз акысын бергиле, бирок ысырап кылбагыла. Акыйкатта, ысырапкорлор – шайтандын достору, а шайтан өз Эгесине каапыр болгон”** (Исра, 26-27) деп айтылат.

Ислам дини ысырапкорлуктун кандай түрү болбосун тыюу салган. Эркек болсун аял болсун, айырмасы жок, ченемсиз сарптоо жаман адат, өзгөчөлүк. Бул өзгөчөлүк кимге жармашса, ал адамдын жашоосунан тынчтык да, береке да кетет.

Азыркы күндө талап кылуучунун талаптары колунда болсо да жаңысын алганга умтулуу модага айланып баратат. Колунда бар буюмун алмаштыруу, жаңысын алуу, жаңы чыккан телефон, автомашина жана буюмдардын артынан кууп сатып алуу элдин оорусуна айланды. Каражаты жетишсиздигине карабай карызга болсо да алып, кайра төлөөгө келгенде пайызы менен төлөп калып жатышат.

Мындай көрүнүштөр акыл менен сезимдердин туура колдонулбагандыгынан улам келип чыгат. Ошондуктан каражатты сарптоодо сабырдуулук менен ойлонуп иш кылуу керек. Анткени Алла Таала жокчулукту да, молчулукту да адам баласынын

сабырын жана канаатын сыноо максатында жиберет. Адамзат колунда жок калганда Алланы эстеп жалбарып турат. Бул адамдын алсыздыгына ишарат. Адамды адам кылган өзүнүн алсыз экендигин сезгенинде жатат. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам):*

«Оо, Жаратканым, сени толук тааный албадым, сага татыктуу пенде боло албадым», - деп алсыздыгын көрсөтүп Аллага жалбарган.

Олуя заттар момундардын сопулук даражаларына жараша алардын сырткы көрүнүшүнө төмөнкүдөй аныктама айтышкан:

– Арам жана адалдыгына карап кийинүү – шарияттын белгиси,

– Муктаждыкка жараша кийинүү – сопулуктун белгиси,

– Ал эми кийим-кечеге көп деле маани бербей жашоо – бул акыйкаттын негизинде гана болот. Тактап айтканда таза жана тыкан кийинип, бирок, кийим менен көп алек болбоо.

Эгерде кимдир бирөө акчасын жумшаганга жер таппай, ушунун айынан ар кандай ысырапкордукка ашыгып жатса, анда жакырларга жардам берсин. Ансыз да жардам берип келе жатса, анда жардамын көбөйтсүн. Бул анын инсандык да, диний да милдети. Тапкан байлыгында муктаж адамдардын да акысы бар деп билген адам, аны аёосуз жумшай албайт. Ислам désinde адал жолдон акча табуунун жолдору көрсөтүлүп белгиленген сыңары, аны сарптоодо да чек коюлган. Ыйык Куранда:

**“Алла жолунда (мал-мүлкүңөрдү) сарптагыла. Өзүңөрдү өз колуңар менен отко таштабагыла. Чындыгында, Алла – жакшылык кылуучуларды жакшы көрөт.”** (Бакара, 195).

Ачкачылык жана жокчулук өкүм сүрүп

турган учурда ысырап болгон ар бир тыйындын сурагынын өтө оор болоорун унутпайлы.

Ошондуктан ар бир адам жатаар алдында Алланын берген нээматтарын, жетишкендиктерин эстеп, Жаратканга шүгүр кылсын. Ойлоп көрөлү:

Дүйнөнүн төрт тарабында бир сындырым нанга, бир ууртам сууга муктаж адамдар турганда ток жатуу, өмүрү коркунуч алдында турган нечендеген адамзаты турганда тынч, жыргал жашоодо жашоо, кыштын ызгаардуу суугунда жылуу жуурканга муктаж, уйкусуз кыйналган адамдар жашоо үчүн күрөшүп жаткан кезде жылуу-жумшак үйүндөгү төшөктө жатуу – бул биз үчүн эң чоң нээмат жана ошондой эле өтө чоң жоопкерчилик.

Күн сайын жатаар алдында мына ушуларды эстеп, өзүбүздү суракка тартууну адат кылуу керек. *"Сурак берээрден мурда өзүңөрдү суракка тарткыла"* (Тирмизий, Кыямат, 25/2459) деп айткан Азирети Умар *(радиаллаху анху)* да кечинде:

*"Тигр дарыясынын жээгинде бир кой сууга акса, Алла Таала анын сурагын Умардан сурайт." "Оо Умар! Бүгүн Алла үчүн эмне иш кылдың?"* деген сыяктуу суроолор менен өзүн суракка тартып турчу экен.

Биз канча жолу өзүбүздү суракка тарта алдык? Күндүзү дүйнөлүк маселелерден бошобогон жүрөгүбүздү канча жолу жатаар алдында суракка алдык?

Өзүн өзү ушинтип, суракка тарткан адамдарда убакыт өткөн сайын канаат пайда болот.

Канаат кылуу эң чоң байлык. Адамдын көңүлүнүн кенендиги анын канчалык канаат кылгандыгында. Алар, колундагы бар нерсеге ыраазы болуп, ошону менен жашап кетет. Ашыкча нерсе сурабайт. Натыйжада ички дүйнөсү тынч,

тагдырга ыраазы болуп жашап өтүшөт. Муну жалкоолук менен байланыштырбоо керек.Канаат менен жашоо иштеп тапкан каражатынын аздыгына алдырбай, ошого ыраазы болуп, Жараткандын бергенине шүгүр кылып жашоо дегендик. Колундагысына канаат кылган адам, колунан келишинче башкага да жардам бергенге аракет жасайт. Бирок, байлыгын жетишсиз деп билген адам, ар дайым “дагы” деп турат. Башкага жардам бергендин ордуна өзүнө жардам күтөт.

Исламдын изги маданиятын жашаган алтын доордун адамдары бул багытта эң чокуга жетишкен эле. Ал доор Алла Тааланы жана анын элчисин *(саллаллаху алейхи ва саллам)* жакындан тааныган доор эле. Ал учурда жүрөктөгү дүйнөлүк кызыкчылыктар, напсинин каалоолору жокко чыгарылган. Мал-мүлк бир гана Алла жана анын элчиси үчүн багышталган Ыйман көтөрүлүп, ырайым кеңири тараган. Алланын жаратканына кызмат кылууну жашоонун образына айлантышкан. Алланын элчисиндей болуу, сахабалардын алгачкы идеалы болгон. Ал буюрган буйрук, сахабалар үчүн ыйык тутулуп, аны урматтап аткарууга дайым даяр турушкан.

Ал учурдун адамдары, сахабалар каниеттүүлүк менен жашап өттү. Жыргал жашоо, ысырап, текебер деген өзгөчөлүктөрдү таанышкан жок. Баары эртеңки барар жерибиз мазар деген ниетте жашашты.

Сабатсыз коом Исламга, ыйманга баш багышы менен маданияттын туу чокусуна жетишти. Сахабалардын баары “Алла Таала кандай болушубузду каалайт? Расулуллах бизден эмнени күтөт?” деген сезим менен жашап келишти. Жашоосун Алланын ыраазычылыгына арнашты.

Мээримдүүлүк жана ырайымдуулук жашоолоруна сиңип, адилеттүүлүк жана акыйкат туу чокуга жетти. Сахабалар үчүн жашоонун эң таттуу жери Жараткандан келген вахийди жеткирген учуру болгон. Биз да жалпы коомчулук менен бирге ушундай даражага жетүүгө, динге кызмат кылып жашаганга умтулуп, мурдатан келген мурасты улантууга, Алланын динин жайылтууга аракеттенишибиз зарыл.

Ата-энелер алгач өздөрү ушундай жашоо менен жуурулушуп, андан соң балдарына да жеткирүүгө умтулуулары керек. Ата-эне өз балдарына бирдей мамиле кылууга, адилеттүү болууга тийиш. Адамдын ичиндеги сүйүүнү колго алуу мүмкүн болбосо да балдарына карата адилеттүү жана тең укуктуу мамиле кылууга аракет кылышсын. Мисалы, балдарынын бирөөсү үчүн сатып алган буюмдан экинчисине да алып берсин. Бирин өөп, экинчисин таштап койбосун. Кыскасы, балдарынын арасында кызганууга жол ачпасын.

Коңшуну да туура тандоо керек. Ахлаксыз коңшу же туугандар менен мамиле курууда этият болуу шарт. Аларды оңдойм деп, өзүн же балдарын аларга окшотуп албаш үчүн сак болушсун.

# КОРУТУНДУ

Адам жаралгандан тартып башталган үй-бүлө жашоосу акыреттеги ордубузду белгилөөдө эң маанилүү ролду ойнойт. Анткени үй-бүлө адамзат үчүн акырет талаасы болгон бул дүйнөдө аны ар тараптуу калыптандырган алгачкы мектеби, бакыты, махабаты жана бейиши. Үй-бүлө катардагы мейманкана эмес. Үй-бүлө Алланын ыраазычылыгы үчүн кызмат кылган махабат бакчасы.

Кыскача айтканда, үй-бүлө, махшар майданына барганда бири-биринен качканга себеп болчудай жашоонун эмес, бири-бирин сагынткан жашоонун булагы болсун. Ошондуктан кантип жашап өтсө ата-энеси же балдары кача турган, канткенде сагынып кучактай турган жашоо болооруна азыртадан көңүл буруу керек!

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи ва саллам)* мынтип айткан:

*“Кандай жашап өтсөң ошондой өлөсүң, кантип өлсөң ошондой тирилесиң!..”* (Мунави, Файзул Кадир, V, 663).

**Жараткан бизге бул дүйнөнүн бейиши болгон үй-бүлөлөрдү насип кылсын! Элибизди, жаштарыбызды бейиштей болгон мекенибизде ыйман, ынсап, сүйүү, жоомарттык, берешендик жана кызмат менен алдыга умтулууну буюрсун! Бактылуу үй-бүлөлөрдөн жаңыдан элдин баатырлары, чыгаан азаматтары төрөлсүн!**

**Оомийн!..**